Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шейшемби,
2025-жылдын
26-августу

№64 (3720)

www.erkin-too.kg

# АВТОУНААЛАРДЫН АЧКЫЧЫ ТАПШЫРЫЛДЫ



3-БЕТТЕ

## БУЛ САНДА:



Кубанычбек БӨКӨНТАЕВ:

“МЫЙЗАМСЫЗ МИГРАЦИЯНЫ УЮШТУРГАН ЖАРАНДАРГА ЖООПКЕРЧИЛИК КҮЧӨТҮЛДҮ”

4-БЕТТЕ



Үсөн АШИМОВ:

“МУРДАГЫДАЙ САЛЫК САЯСАТЫНА НААРАЗЫ БОЛГОНДОР ЖОККО ЭСЕ”

8-9-БЕТТЕРДЕ



Нуржан САРТБЕКОВА:

“ИНСТИТУТ УЛУУ МИССИЯСЫН ТАТЫКТУУ АТКАРУУДА”

16-БЕТТЕ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# КЫЗМАТТАШУУ ЖАҢЫ БАГЫТКА ЖОЛ АЧАТ

***Өткөн аптада Кыргызстанга Казакстандын Президенти Касым-Жомарт Токаев расмий сапар менен келди. Биздин өлкө үчүн эң жакынкы жана боордош кошуна казак элинин Президентинин бул сапары өтө маанилүү стратегиялык мааниге ээ. Куштун эки канатындай бир туугандын элдин лидерлеринин жолугушуусу достуктун жана боордоштуктун чыныгы көрсөткүчү болгондугу белгиленди. Анын алкагында эки тараптуу соода алака, чек ара маселелери, суу ресурстарын пайдалануу жана инвестициялык кызматташтык тууралуу бир катар документтерге кол коюлду.***

***Акыркы 3-4 жылда эки өлкө ортосундагы ынак мамиле динамикалуу өнүгүү жолуна түшкөн. 2022-жылдан тарта Касым-Жомарт Токаев жана Садыр Жапаровдун иш сапарларынын алкагында буга чейин көңүл бурулбай келген бир катар маселелер чечилген. Алсак, азыр Кыргызстан менен Казакстандын ортосундагы өз ара соода жүгүртүүнүн көлөмү 2 миллиард долларга жакындаган. Келечекте, тагыраак айтканда 2030-жылга чейин өлкөлөр ортосундагы товар жүгүртүүнү 3 млрд долларга жеткирүү максат кылынууда. Бул максат азырынча эң негизгилерден болуп эсептелет. КР Экономика жана коммерция министри Бакыт Сыдыковдун айтымында эки өлкө ортосундагы товарлардын номенклатурасын кеңейтүү жана кээ бир категориядагы товарлардын импортун, экспортун көбөйтүү планы коюлду.***

***Планды ишке ашыруу үчүн товар алмашууда мындан мурда кыргыз-казак чек арасында орун алган узун кезектерди жоюу жана өткөрмө бекеттердеги ишти жеңилдетүү каралды.***





**Алмамбет ШЫКМАМАТОВ, Мамлекеттик салык кызматынын төрагасы:**

- Чек араларда эми "электрондук санарип кезек" түшүнүгү пайда болот. Буга чейин эки өлкө ортосундагы чек ара постторундагы узун кезектер болуп келгени баарыбызга маалым. Мындан кийин ишкерлерге, автомобиль транспорту менен ташууларды жүргүзгөн тараптарга мамлекеттер тарабынан берилген жеңилдик сезилет. Чек ара аймагындагы эки өлкөнүн операторлору салык кызматтары болуп эсептелет. Бул чаралар ишке киргенден кийин жеңил өнөр-жай бизнеси, жүк ташуулар тездик менен өнүгүү, өсүү жолуна түшөт.



**Учкунбек ТАШБАЕВ, экс-министр:**

- Кыргызстан менен Казакстандын соода алакалары чек арадагы тоскоолдуктар – өткөрмө пункттардын кубаттуулугу, узак бюрократия жана санариптештирүүнүн жоктугунан улам жай болуп келген. Экинчи маселе, буга чейин логистика менен сатуунун инфраструктурасы жетишсиз эле. Кыргыз продукциялары ири базарларга толук жетпей, сапаттык стандарттар жана сертификат системалары начар иштеп келген жана азыр да ошондой абалда. Соода түзүмү чектелген бойдон калып келген – негизинен чийки зат жана азык-түлүктүн кошумча наркы аз болгондуктан да өсүү мүмкүнчүлүгү аз болгон. Акыркы визитте ушул негизги үч тармактагы проблемаларды чечүү багытында иш-чараларга кадамдар жасалды. Алматы облусундагы дүң бөлүштүрүү борборунун курулушу жалпак сөз менен айтканда ортодогу эки мамлекет көзөмөлдөгөн чоң базар түзүлөт дегенди билдирет. Бул борбор товардын кирип-чыгуусунун тез жана жеңил болуусун камсыздап берет. Өткөрмө пункттарды санариптештирүү электрондук кезек, электрондук декларация, санариптик пломбалар жана эң нигизги эки мамлекеттин ортосунда бири-бирине ишенбестик жоюлуп, реалдуу убакытта 2 мамлекеттин бажылары бир маалымат менен иштеп башташат дегендик. Ушул багыттар ишке ашса, максат кылынган 3 млрд долларлык соода жүгүртүүгө жетебиз.



**Кыргызстандын Алматы шаарындагы мурдагы башкы консулу Назарали АРИПОВ:**

- Казакстандын Президенти Касым-Жомарт Токаевдин биздин өлкөгө келип-кетиши менен Кыргызстан үчүн кыргыз-казак достугунун жаңы багыттарына жол ачылды десек болот. Чет жерде иштеген мекендештерибиздин саны боюнча Орусиядан кийинки кезекте кыргыздар Казакстанда көп эмгектенишет. Муну айтканым, коңшу өлкөнүн Президентинин соңку сапарынан соң Казакстанда иштеген он миңдеген мигранттарыбыздын иштөөсүнө жеңилдиктер каралды. Мындан тышкары боордош эки мамлекеттин ортосундагы саясий, экономикалык жактан байланыш соңку сапардан соң өлкөбүз үчүн жаңы сапаттарга көтөрүлүү болуп эсептелет. Касым-Жомарт Токаевдин Кыргызстанга болгон сапарында Өлкө башчыбыз Садыр Нургожоевич жана белгилүү саясий ишмерлерибизге жогорку даражалуу мамлекеттик сыйлыктарды тапшырышы сыйлык ээлерин гана эмес, бүтүндөй бир тууган кыргыз элин жогору баалагандык болуп эсептелет. Президентибиз Садыр Нургожоевичтин жетекчилигинин астында учурда тарых менен тамыры бир кыргыз менен казактын ортосундагы боордоштуктун жаңы модели ачылды десек болот. Кыргызстанда акыркы убакта чагылгандай тездик менен өзгөрүп жаткан окуялар, Өлкө жетекчилигинин үзүрлүү аракеттери менен болуп жаткан жагымдуу иштер 5 жылдын ичинде бир гана Орто Азия өлкөлөрүнүн гана ичинде эмес, Батыш жана Кытай өлкөлөрүн кошо таңгалдырууда. Кыргызстанда учурда тартип жана мыйзамдуулук орноду. Эл бийликке эмес, бийлик элге кызмат кыла баштады. Касым-Жомарт Токаевдин сапарындагы дагы бир маанилүү жагдай, аны менен кошо өлкөбүзгө кошуна өлкөдөн бир катар ири ишкерлер келишти. Натыйжада, экономикалык жактан ири иштерге, эки тараптуу соода-сатык менен ишкерчиликке жол ачылганын баса белгилеп айтсак жарашат. Муну айтканым, боордош эки эл алдыдагы соода-жүгүртүүнүн көлөмүн 3 млрд долларга жеткирүүнү реалдуу максат катары коюшту.



**Каныбек ОСМОНАЛИЕВ, мурдагы Билим берүү жана илим министри:**

- Ош мамлекеттик университетинде Казакстандын Лев Гумилёв атындагы Евразия улуттук университетинин филиалынын ачылышы жакшы саамалык.

Эгемендүүлүктөн бери эле орустар, кытайлар, түрктөр, арабдар өз окуу жайларын ачышты. Коңшу мамлекеттерден өзбектердин окуу жайы бар. Эми казактар минтип филиалын ачып жатышат. Былтыр КазМУ биздин Улуттук университетибизге өзүнүн филиалын ачкан. Булардын бардыгы жакшы көрүнүш. Бирок, ушундай нерсе бир тараптуу болбостон, эки тараптуу болушу керек. Биздин дагы алдыңкы университеттерибиздин филиалдары ошол эле Ташкентте, Алматада, Астанада, Пекинде жок дегенде бирден факультет болсо да ачылышы керек. Биз ошол жагына көңүл бура албай жатабыз. Анткени азыркы заманда билим берүү деген билинбегени менен чоң саясат. Өзүнүн улуттук идентүүлүгүн жайылтуунун эффективдүү жолу. Ошондуктан мен бул көрүнүштү салтанаттуу түрдө колдоо менен бирге ушундай каалоомду, сунушумду билдирем. Буга бир себеп, биздин окуу жайлар ошондой эл аралык деңгээлге чыгуунун далалатын кылбай жатышат. Мурунку Билим берүү жана илим министри катары мени ушул нерсе абдан өкүндүрөт. Ошентсе да, биздин саясий бийлик тарабынан ушундай шарттар коюлушу керек. Казакстанда, Тажикстанда, Өзбекстанда, Кытайда биздин көп диаспораларыбыз бар. Биз эми ушул жагын да эске ала кетсек, абдан жакшы болот эле. Ошондо эки тараптуу болуп, иш жүзүнө ашыруу иштери, илимий иштерди жана окуу-методикалык иштерди жүргүзүү абдан жакшы болмок. Илим менен билим эч кандай чек арага баш ийбейт.

**Даярдагандар**
**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА,**
**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ,**
**Жазнура ТОКТОБОЛОТОВА**

# КАДРДЫК ДАЙЫНДООЛОР





***Президент Садыр Жапаров бир катар Жарлыкка кол койду.***

Ага ылайык, Сагынбаев Канат Латипжанович Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министринин милдетин аткаруучу болуп дайындалды. Ошондой эле Иминов Фархат Ажмуханбетович мурда ээлеген кызмат ордунан бошотулуп, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Виртуалдык активдер жана блокчейнтехнологиялар чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча улуттук кеңештин катчылыгынын жетекчиси болуп дайындалды. Президенттин дагы бир буйругуна ылайык, Сабиров Равшанбек Азатович Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министри кызматынан бошотулуп, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин директору болуп дайындалды.



# 63 АВТОУНААЛАРДЫН АЧКЫЧЫ ТАПШЫРЫЛДЫ

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Энергетика министрлигине, Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине, Ички иштер министрлигине жана башка бир катар мамлекеттик органдарга жаңы автоунаалардын ачкычын тапшырды.***

Адылбек Касымалиев өлкөдөгү акыркы жылдардагы болуп жаткан өнүгүүлөргө учкай токтолуп: “Кадырлуу замандаштар, Кыргыз мамлекети акыркы 5 жылда ыкчам жана туруктуу өнүгүүгө карай багыт алды. Быйылкы жылы ЕАЭБде өлкөнүн ИДПсы туруктуу 10 пайыздан ашык өнүгүү темпин сактаган мамлекет болдук. Акыркы 7 айдагы өсүү темпибиз 11,5%ды түздү. 2025-жыл чек арабыз толук чечилген тарыхый жыл болду. Быйыл бюджетибизде да тарыхый жыл болот – анткени, жылдын аягына чейин консолидацияланган бюджетибиз 1 трлндон ашат деп болжолдоп жатабыз” деди.

Бардык тармактарда өнүгүүлөр катталып жатканын айткан Адылбек Касымалиев, Энергетика министрлигинде да реформалар, өзгөрүүлөр болуп жатканын билдирди.

“Кыргызстандын энергетикасы мамлекеттин өзгөчө көзөмөлүндө турат. Мисалы, 2021-жылы энергетика тармагына 14,8 млрд сом бөлүнсө, 2024-жылы капиталдаштыруу менен бирге 91,3 млрд сом бөлүндү. Атайын техникалардан тартып катардагы кызматкерлерге чейин чоң көңүл бурулуп жатат. Мамлекеттик, ал түгүл Борбор Азия масштабындагы ири долбоор Камбар-Ата-1 ГЭСи башталды. Токтогул ГЭСинин акыркы гидроагрегаты реконструкцияга жөнөтүлдү. Ат-Башы ГЭСинин төрт гидроагрегаты алмаштырылды. Үч-Коргон ГЭСинин 3-агрегаты модернизацияга берилди. Камбар-Ата-2 ГЭСтеринде жаңылоо иштери башталды. CASA-1000 долбоору аягына чыкты. Энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу менен бир катар долбоорлор ишке ашырылууда. Өлкө боюнча быйыл 2025-жылы – 18 чакан ГЭС ишке кирет. Мына ушундай бир топ алгылыктуу иштер аткарылып, энергетика тармагы мамлекеттин колдоосуна жана катуу көзөмөлүнө алынгандыктан, электр энергиясындагы жоготуулар жылдан-жылга азайып баратат” деди Төрага.

Белгилей кетсек, бул жолу алынган автоунаалардын – Кыргызстанда жасалган 30 даана “Шевролет” үлгүсүндөгү автоунаа Энергетика министрлигине, Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине, Ички иштер министрлигине, ошондой эле 33 даана атайын техниканын 21 даанасы – “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ишканасына, ал эми 12 даанасы — “Кыргызкөмүр” ишканасына тапшырылды.





# КЫРГЫЗ-ГЕРМАН ОТУРУМУ ӨТТҮ

***Үстүбүздөгү жылдын 26-августунда Ысык-Көл облусунун Чолпон-Ата шаарында Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиевдин катышуусунда кыргыз-герман бизнес-форуму «Кыргызстандагы Германия экономикасынын күнү» жана кыргыз-герман Ишкердик кеңешинин IV отуруму өттү.***

Аталган бизнес-форумдун алкагында «Экспорттук потенциал жана өткөөл мезгилдеги логистика: Ортоңку коридордун мүмкүнчүлүктөрү» жана «Кыргыз-герман экономикалык кызматташтыгы үчүн энергетика тармагындагы долбоорлор» темаларында панелдик сессиялар пландаштырылган.

# МЕДИЦИНАЛЫК БУЮМДАРДЫН ЗАРЫЛЧЫЛЫГЫ ЧОҢ

Министрлер Кабинети айрым дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды убактылуу ташып келүү жана пайдалануу жол-жоболорун жөнөкөйлөттү. Эми дары препараттарына жана медициналык буюмдарга болгон муктаждыктарга, өзгөчө, катталган жана рынокто жеткиликтүү болгон жашоо үчүн маанилүү препараттардын жана медициналык буюмдардын жетишсиздигинин шарттарында тез арада жооп берилмекчи. Атайын тизмеге киргизүү каттоодон өтпөгөн препараттарды жана медициналык буюмдарды колдонууга убактылуу уруксат берүүгө, муну менен өзгөчө кырдаалдарда жана саламаттык сактоо тармагында өзгөчө кырдаалдар пайда болгондо дарылоого жетүүнү камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

# АЛЫСКЫ ТУУГАНДАН ЖАКЫНКЫ КОШУНА АРТЫК



***Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары Данияр Амангелдиев менен Тажикстан Республикасынын Премьер-министринин биринчи орун басары Хоким Холикзода башында турган Тажикстан Республикасынын делегациясынын жолугушуусу болуп өттү.***

Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар экономикалык өнөктөштүктү кеңейтүү, чек ара кызматташтыгын чыңдоо, ошондой эле инфраструктура жана энергетика тармагында биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруунун келечегине басым жасоо менен эки тараптуу кызматташуунун кеңири чөйрөсүн талкуулашты.

Данияр Амангелдиев бул жолугушуу жогорку деңгээлде жетишилген макулдашууларды ишке ашыруунун уландысы экенин белгилеп, кыргыз-тажик мамилелери мындан ары да өнүгүп, чыңдалары на ишенимин билдирди. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын өз ара сооданын көлөмүн 500 миллион АКШ долларына чейин көбөйтүүгө умтулуусун ырастады.

Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө энергетика тармагындагы кызматташууга өзгөчө көңүл бурулду. Тараптар CASA-1000 долбоорун ишке ашырууну жана энергетика тармагындагы кызматташуунун келечегин талкуулашты.

**Зулпукаар САПАНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

МААНИЛҮҮ МАЕК

## Кыргызстандын Россия Федерациясындагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси Кубанычбек БӨКӨНТАЕВ:

# “МИГРАЦИЯЛЫК БИР КАТАР МЫЙЗАМДАР КҮЧҮНӨ КИРДИ”

***Кыргызстан менен Россия Федерациясынын ортосунда дээрлик бардык тармакта биргелешкен ири долбоорлор ишке ашырылууда. Эки өлкөнүн ортосундагы өнүктүрүү институттары, фонддор да өз ишмердиктерин активдүү жүргүзүп келет. Расмий маалыматтарга таянсак, Россиянын аймагында 600 миңден ашуун кыргыз жарандары эмгектенип келишет. Россияда жакында миграция жаатында кабыл алынган мыйзамдардын мигранттарга таасири, эки өлкө ортосундагы кызматташтык боюнча Кыргызстандын Россиядагы элчиси Кубанычбек БӨКӨНТАЕВ суроолорубузга жооп берди.***



**- Кубанычбек Кеңешович, соңку кездеги Кыргызстан менен Россия кызматташуусунда кайсы тармактарга басым жасалууда? Бул жаатта өзгөчө эмнени баса белгилээр элеңиз?**

- Эки мамлекеттин кызматташуусу көп тармактуу жана ар тараптуу. Кызматташуудагы жигердүү аракеттер стратегиялык өнөктөштүк мамилелердин өзгөчө бекемдигин ырастары анык. Маселен, жыл ичинде Президент Садыр Нургожоевич Жапаровдун Россия Федерациясына жасаган эки жолку иш сапары, ал эми Россиянын мамлекеттик думасынын төрагасы В.В.Володиндин, Россия өкмөтүнүн төрагасы М.В.Мишустиндин биздин өлкөгө болгон иш сапарларын белгилегим келет. Быйыл эки өлкө ортосунда Түбөлүк достук, союздаштык жана өнөктөштүк жөнүндө Декларацияга кол коюлгандыгына 25 жыл толуп отурат. Негизинен эки өлкө ортосундагы өз ара аракеттердин олуттуу багыты соода-экономикалык кызматташтык. Мисалы, өткөн жылы соода жүгүртүүнүн көлөмү 3,9 млрд долларды түзгөн. Түз инвестициялардын көрсөткүчү да жогору. Россия тараптын биздин өлкөгө инвестиция салууга болгон кызыгуусу артып, IT-технологиялар, заманбап индустрия тармагында инвестициялык кызматташууну күчтөндүрүү пландары бар. Маданий-гуманитардык чөйрөдөгү мамилелер өзгөчө тез ыргак менен өнүгүп жатат. Бул багытта эки мамлекеттин жетекчилеринин демилгеси менен Бишкек жана Ошто, Баткен, Чүй, Ысык-Көл, Талас, Нарын жана Жалал-Абадда окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн 9 мектеп курулганы жатат. Аны менен катар Россия тарап Бишкектеги Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетин модернизациялоону баштады. Мында материалдык-техникалык базаны жаңылоо жана билим берүүнүн сапаттык стандарттарын жогорулатуу каралууда. Кызматташуунун алкагында өлкөнү газ менен камсыздоо, энергетикалык коопсуздук, мунай продуктуларын жеткирүү боюнча долбоорлор ишке ашууда. Россия менен Кыргызстандын аймактарынын ортосундагы кызматташтыкты арттырууга өзгөчө көңүл бурулууда.

**- Жакында Россиянын миграция мыйзамдарына бир катар өзгөртүүлөр кирип, мигранттарга болгон чаралар күчөтүлгөнү маалымдалган. Негизинен мигранттарга карата кандай жаңы талаптар күчүнө кирди?**

- Бүгүн Россиянын аймагында 600 миңден ашуун мекендештер эмгектенишет. 2024-жылы Россиянын “Крокус сити холл” концерттик залында болгон террордук актыдан кийин Россиянын мамлекеттик думасы миграция жаатында 20дан ашык мыйзам кабыл алып, иштеп жаткан ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр киргизилди. Мисалы, Россиянын аймагында убактылуу же туруктуу жашоого уруксаты жок 90 күн гана жүрө алат (буга чейин 180 күн болгон). Мыйзамсыз жүргөн жарандарга карата 48 сааттын ичинде полиция тарабынан (соттун чечимисиз) Россиянын чегинен тышкары административдик түрдө чыгаруу чечимин кабыл алуу, Россиянын аймагында мыйзам бузуп жүргөндөрдү көзөмөлдөнүүчү жарандардын реестрине киргизүү (банктык картаны блоктоо жана башка укуктарды чектөө) каралган. Ошондой эле Россиянын мектептерине балдарды орноштурууда милдеттүү түрдө орус тили боюнча тестирлөөдөн өтүү өңдүү жана башка өзгөртүүлөр күчүнө кирди. Жаңы мыйзамдар чет өлкөлүк жарандардын, анын ичинде биздин мекендештерибиздин Россияга кирүүсүнө, анын аймагында жүрүүсүнө жана эмгектенүүсүнө көзөмөлдү күчөтүүгө багытталган. Ал эми Россиянын аймагында мыйзам бузуп жүргөн жана мыйзамсыз миграцияны уюштурган жарандарга жоопкерчилик күчөтүлдү. Бул багытта элчилик, консул кызматкерлери кыргыз мекендештерге Россия тарап миграция жаатында жаңы кабыл алган мыйзамдар боюнча керектүү маалыматтык-түшүндүрүүнү улантып келет. Мисалы, жарым жыл аралыгында 89 464 консулдук кызмат жана иш-аракеттер көрсөтүлгөн. Ата-энесинин камкордугусуз калган жашы жете элек 15 баланы мекенине кайтарууга көмөк көрсөтүлдү. Ал эми оор турмуштук кырдаалга кабылган, анын ичинде зомбулуктун курмандыктары болгон 19 жаран Кыргыз Республикасына кайтарылган. Учурдан пайдаланып, Россиянын аймагында жүргөн мекендештерибиз 10-сентябрга чейин документтерин мыйзамдаштыруусуна чакырам.

**- Россиянын аймактарында эмгектенген жарандар “Сахарово” миграциялык борборуна барып каттоодон өтүшөт эмеспи. Негизинен каттоо процесси, аны менен катар “Сахарово” чет өлкөлүк жарандарды убактылуу кармоочу жайында кармалып турган мекендештерибиз да кездешет. Мигранттар кандай эреже бузганда канча убакытка ал жайда кармалат?**

- Биринчиден, “Сахарово” көп функционалдуу миграциялык борборунда чет өлкөлүк жарандар, анын ичинде кыргызстандыктар Россия Федерациясынын мыйзамдарына ылайык медициналык кароодон, манжа изин тапшыруу жана сүрөткө түшүү процедураларынан өтөт. Анткени, бул өлкөнүн мыйзамдарына ылайык Россиянын аймагында эмгектенүүгө келген мекендештерибиз жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү (6 жаштан баштап жашы жете элек балдар) бул талаптарды аткарууга милдеттүү. Мындан тышкары, 2025-жылдын январь айынан тартып Россиянын аймагында мыйзам бузуу менен жүргөн чет өлкөлүк жарандардын укуктук абалын жөнгө салуудагы алгачкы кадамы дагы аталган миграциялык борбордон атайын белгиленген процедураларды өтүүдөн башталат. Ал эми Россия Федерациясынын Ички иштер министрлигинин Москва шаары боюнча Башкы башкармалыгына караштуу “Сахарово” чет өлкөлүк жарандарды убактылуу кармоочу жайына мекендештерибиз Россиянын мыйзамдарын бузуусуна байланыштуу соттун чечими менен 90 күнгө чейин жайгаштырылат. Бирок практикада, эгер ал борборго жайгаштырылган жарандын төлөнбөгөн айып пулдары же Россиянын аймагынан чыгууга башка себептери жана соттун депортация же Россия Федерациясынын чегинен тышкары административдик түрдө чыгаруу тууралуу чечимине байланышкан доо арыздары жок болсо, Кыргызстанга 3-10 күндүн ичинде эле жөнөтүлөт. Өз кезегинде, элчиликтин кызматкерлери убактылуу кармоочу борборго туруктуу негизде барып, ал жерде мекенге кайтуусун күтүп жаткан мекендештерибизден кабар алат. Маалымат иретинде айта кетсем, учурда аталган борбордо 66 мекендешибиз мекенине кайтуусун күтүүдө.

**- Ал эми Россиянын мыйзамдары боюнча кылмыш жоопкерчилигине тартылган мекендештерибизге токтолсоңуз...**

- Тилекке каршы Россиянын аймагында ар кандай кылмыш иштерине аралашып, кылмыш жоопкерчилигине тартылган мекендештерибиз бар. Бүгүнкү күндө 1374 жараныбыз эркиндигинен ажыратууга соттолуп, жазасын өтөп жатышат. Элчиликтин кызматкерлери абактардагы мекендештерибиздин абалы, аларды кармоо шарттары менен таанышуу максатында туруктуу негизде консулдук чыгууларды ишке ашырып, жарандар менен жолугушууларды өткөрүп келет. Ал эми соттолгон мекендештерибизди Кыргызстанга жазасын андан ары өтөө үчүн которуу маселеси Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын компетенциясына кирет жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, бул иштерди Россиянын Юстиция министрлиги менен түздөн-түз иш алып барат.

**- Сиз бир учурда эки ишти айкалыштыруу менен Россия жана Армения элчиликтеринин иш милдеттерин аткарып келесиз. Арменияда ушу тапта канча кыргызстандык бар?**

- Ооба, 2025-жылдын март айынан баштап айкалыштырып иштөө менен Кыргыз Республикасынын Армения Республикасындагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси кызматына дайындалдым. Ушу тапта Арменияда Кыргызстандын 32 жараны туруктуу жашайт. Башкача айтканда, булар тиешелүү түзүмдөрдүн каттоосунда турган жарандар. Арменияда убактылуу иштөө үчүн барган же ишкердик максатта мезгил-мезгили менен келип-кетип турган биздин өлкөнүн жарандары да бар. Алардын саны азыраак. Ал эми 2017-жылдан бери Арменияда Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо үчүн Кыргыз Республикасынын Ардактуу консулу болуп Бабкен Седракян дайындалып, иштеп келе жатат. Ал биздин жарандар менен ар дайым байланышта болуп, жарандардын суроо-талабы боюнча консультация, юридикалык керектүү бардык жардамдарды көрсөтөт. Элчилик Ардактуу консул менен тыгыз байланышта иш алып барабыз.

**- Жыл сайын Россиянын жогорку окуу жайлары Кыргызстанга атайын квоталык орундарды берет. Ушу тапта бул өлкөдө канча жараныбыз билим алып жатат?**

- Эки өлкөнүн ортосунда түзүлгөн келишимдерге ылайык, Россия Федерациясынын Өкмөтү Россиянын жогорку окуу жайларында Кыргыз Республикасынын жарандарынын билим алуусу үчүн жыл сайын 700гө жакын квоталык орундарды бөлүп берет. Бул бюджеттик орундарга бакалавриат же керектүү адистикке тапшырган мектеп бүтүрүүчүлөрү, ошондой эле жогорку билимдин кийинки баскычтарында окуусун улантууну каалагандар тапшыра алышат. Мисалы, 2025-окуу жылында жалпысынан 12481 кыргызстандык жаран билим алып жатышат. Булардын ичинен 6165 студент федералдык бюджеттин эсебинен билим алышууда.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

ӨМҮР САКТАГАНГА КОЛ СУНУҢУЗ

## Республикалык Кан борборунун дарылоо иштери боюнча директорунун орун басары Айганыш Сатыбалдиева:

# “КАНДЫН МӨӨНӨТҮНӨ КӨЗ КАРАНДЫБЫЗ”



**- Айганыш Бакыбаевна, август айынын башында МинКаб Төрагасы Адылбек Касымалиев мамлекеттик кызматкерлерди кан тапшырууга чакырып, активдүү жарандык позицияны көрсөтүүгө үндөдү. Бул өнөктүктүн максаты кандай? Негизинен өлкөдө бүгүн кан тартыштык көйгөйү барбы?**

- Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында кандын тартыштык маселеси жок. Бирок, кан азыр бар туруп, 1 сааттан кийин жок болуп калышы мүмкүн. Канча бейтапка канча көлөмдө кан керектигин эч ким биле албайт, белгисиз. Биздин борбор ыкчамдуу кызмат. Андыктан кандай учур болбосун запаста кан болушу керек. Биздин базабызда 300 миңден ашуун донор катталган. Аларды кан тапшырууга үзгүлтүксүз чакырабыз. Донор бул адамдар да. Адам жумуштары менен четте болот же шаардан сырткары болуп калат. 10 киши чакырсак, 1 же 2 киши келиши мүмкүн. Негизинен өлкө боюнча Кан борборлорунда жайдын аптаптуу мезгилинде жана орозо айларында кандын дефицити байкалат. Ошондуктан МинКаб Төрагасы Адылбек Касымалиев кандын жетишсиздигинин алдын алуу, кандын запасын толтуруу максатында протоколдук тапшырма берди. Анын алкагында мамлекеттик кызматкерлер арасында кан донорлугу өнөктүгү башталган. Дээрлик бардык мамлекеттик кызматкерлер донор болуп жатышат. Алардын ичинде Улуттук Банкка, Манас аэропортуна, Коргоо министрлигине барып биздин көчмө топ иш жүргүзүүнү улантып жатат. Учурдан пайдаланып, кан донору болгон ар бир мекендешибизге ыраазычылык билдирем. Кан тапшыруу менен өмүр улаганга себепчи болуп жатасыздар.

**- Канга донор болуу өнөктүгү башталгандан бери канча көлөмдө кан чогулду?**

- 6-августта башталган кан өнөктүгүнө 1348 киши катышып, донор болду. Болжолдуу 700 литрдей кан чогултулду.

**- Кандын мөөнөтү кандай сакталат?**

- Кандын мөөнөтүнө көз карандыбыз. Себеби, плазма 3 жыл сакталат. Ал эми тромбоциттин мөөнөтү 5 күн. Эритоциттер 35 күн гана кармалат. Бул себептерден улам Кан борборунда кандын жетишсиздиги жаралып калат десем болот.

**- Өлкө боюнча бир жылда канча көлөмдө кан керектелет?**

- 2024-жылы өлкө боюнча 55 миң адам донор болгон. Ал эми жылына 30 миң литр кан керектелет. Өткөн жылы компоненттик доза менен эсептегенде тромбоциттин керектөө дозасы 15000 литрден ашкан.

**- Бишкек шаарынын ичиндеги кайсы ооруканалардагы бейтаптарга көбүрөөк кан муктаждыгы жаралат?**

- Ооруканалардын ичинен Онкология борборуна кан көбүрөөк талап кылынат. Андан кийин төрөт үйлөрү турат. Пландык жана шашылыш түрдө хирургиялык жардам үчүн да кан көп сарпталат. Кан жол кырсыгынан, жаракат алуудан жабыркагандарга абдан зарыл болот.

**- Бейтап кандай учурда канды акы төлөп сатып алат?**

- Кан керек болгон бейтаптардын жакындары, дарыгердин сунуштамасы менен кан борборунан алып кетишет. Ал эми Мамлекет тарабынан онкологиялык бейтаптарга бекер берилет. Бул багытта мамлекеттен каржы жакшы каралган. Өлкөдөгү жеке менчик ооруканаларга талап бар. Алар 1 донор алып келсе 1 дозаны акысыз алат. Эгер донору жок болсо анда сатып алат.

**- Бүгүн Кан борбору эмнеге муктаж, кандай көйгөй бар?**

- Бүгүнкү күндө Республикалык Кан борбору жаңы имаратка муктаж. Азыр биз турган имарат 1934-жылы курулган, эскирди. Мисалы, бул имарат учурунда шаарыбыздагы 500 миң адамга ылайыкталып, кан менен камсыздоого салынган. Бүгүн болсо шаар калкынын саны 2 млнго чамалады. Донор болуучу адамдарды каттайбыз, саламаттыгын текшеребиз. Бул себептүү кезек күтүү да созулуп кетет. Мындан улам, заманбап шарттары менен камсыздалган имарат бизге абдан керек.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

САМАЛЫК

# Таксисттер жана курьерлер салык төлөй баштайт

Салык системасында калк үчүн ыңгайлуу жагдай-шарттар түзүлүүдө. Жыл башында ККМ, ЭТТН деген сыяктуу кошумча түйшүктөр жоюлуп, ишкерлер чоң көйгөйдөн кутулган. 1-сентябрдан тартып таксисттер жана курьерлер үчүн санариптик платформа киргизилгени турат. Дегенибиз, санариптик платформалар (агрегаторлор) алардын маалыматтык системаларын колдонгон жеке жактар үчүн киреше салыгын жана камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөй баштайт.



Ведомстводон маалымдашкандай, салык мыйзамдарына ылайык, көрсөтүлгөн күндөн тартып агрегаторлордун маалыматтык системаларын колдонгон таксомотордук ташуу жана жүк ташуучуларды курьердик жеткирүү жана башка ушул сыяктуу категорияларда иштеген жактар үчүн салык салуунун жаңы тартиби киргизилет. Бул ченем Яндекс Go, Glovo жана башка жеткирүү жана ташуу платформалары сыяктуу маалыматтык системаларды пайдалануу менен иш жүргүзгөн субъекттерге тиешелүү. Тактап айтсак, ал таксисттердин, курьерлердин, тамак-аш жеткирүүчүлөрдүн, жүк ташуучулардын жана башка ушул сыяктуу категорияда иштегендердин ишмердигин камтыйт.

Бул киргизилген системанын пайдасы чоң. Мындан ары жеке ишкерлерге такси же курьердик кызматтарга патент жана полис сатып алуу, жеке ишкер катары каттоодон өтүү, салыктарды өз алдынча эсептөө жана төлөө, ошондой эле салык отчетун берүү талап кылынбайт. Бардык салыктар жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча милдеттенмелер салык агенти катары агрегатор тарабынан аткарылат.

Салык автоматтык түрдө жеке жактардын кирешесинин пайызы катары төмөнкү киреше салыгынын ставкалары боюнча эсептелип, 2025-жылдан 2028-жылга чейин – 1%, 2028-жылдан 2030-жылга чейин – 2%, 2030-жылдан тартып жана андан ары – 5% болот. Мисалы, 2025–2028-жылдар аралыгында ставка 1% ды түзөт. Айына 30 000 сом киреше түшсө, салык 300 сом болот. Бул учурда, агрегатор салыктын суммасын кармап калып, аны бюджетке которот, ал эми жеке жак салыкты өз алдынча эсептеп, төлөбөйт.

Эске сала кетсек, бул ченем салыктык башкарууну жөнөкөйлөтүүгө, өз алдынча иштеген жарандарга административдик жүктү азайтууга, ошондой эле кирешелердин ачыктыгын камсыздоого багытталган.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

## РОТАЦИЯЛОО СУНУШТАЛДЫ

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги Президенттин Администрациясынын тапшырмасына ылайык, өлкө боюнча 5 жылдан ашык иштеген маданият бөлүмдөрүнүн жетекчилерин ротациялоо иштерин баштады. Ротациянын негизги максаты – аймактардагы маданий өнүгүүнү тең салмактуу шартта камсыз кылуу жана тажрыйбалуу жетекчилерди жаңы багыттарда ишке тартуу. Бул чечим Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кабыл алынып, айылдык аймактардагы жана шаардык деңгээлдеги маданий бөлүм башчыларынын ишин жаңылоо мүмкүнчүлүгүн ачат. Ошону менен бирге министрлик өлкө боюнча театр, китепкана, музей тармактарында, ошондой эле музыкалык, көркөм сүрөт жана искусство багытындагы окуу жайларында да кадрдык ротациялоо иштерин баштады. Бул багыт маданий мекемелердин ишин өркүндөтүп, жаңы дем берүүчү адистерди тартууга шарт түзөт.

**Махабат САИДРАХМАНОВА**



# Майыптыктын деңгээлин аныктоодогу жаңы эрежелер

Үстүбүздөгү жылдын сентябрь айынан тарта Кыргызстанда майыптыктын деңгээлин аныктоо боюнча жаңы эрежелер күчүнө киргени турат. Белгилей кетсек, бүгүнкү күндө жарандар майыптыкты тастыктоо үчүн медициналык-социалдык экспертизадан улам-улам өтүүгө мажбур болуууда. Оор жана кайтарылгыс оорулары бар жарандарга да I топтогу майыптык убактылуу гана берилет. Бул бюрократияга, стресске жана жарандардын өздөрүнө да, дарыгердик комиссияларга да ашыкча жүк алып келет. Министрлер Кабинетинин токтому дал ушул көйгөйдү чечүүгө багытталган. Эми I топтогу майыптык жети жылга белгиленсе, II топ – төрт жыл, III топ – эки жыл менен өлчөнөт.

Жаңы эрежелер боюнча жарандын ден соолугу жакшырган учурда өзү же анын өкүлү майыптыкты мөөнөтүнөн мурда алып салуу тууралуу өтүнүч менен кайрылууга укуктуу. Жаңы эреже эксперттик комиссиялар үчүн да жеңилдик алып келет – алардын ресурстары эми чындап экспертиза талап кылынган учурларга жумшалат. Бул ыкма дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө мурда эле ишке ашкан: Германия, Канада, Швеция, Казакстан, Россия сыяктуу мамлекеттерде кайтарылгыс ооруларда майыптык узак мөөнөткө же түбөлүккө белгиленет. Эми бул заманбап принцип Кыргызстанда да иштей баштайт.

Эске сала кетсек, Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин маалыматы боюнча, 2024-жылдын башында Кыргызстанда 217 миңден ашуун майып адамдар катталган.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

МАДАНИЯТ КҮНДӨРҮНҮН АЛКАГЫНДА...

### Боордош казак элинин белгилүү акыны, котормочу Саят КАМШЫГЕР:

# “БИЗ БИРИККЕНДЕ ЧОҢ КҮЧПҮЗ!”

***Боордош казак элинин белгилүү акыны, котормочу, бир нече поэзия жыйнактарынын автору, Казакстандагы абройлуу “Алаш” адабий сыйлыгынын жана башка көптөгөн сыйлыктардын ээси, адабий ишмер Саят Камшыгер мырза бүгүнкү күндөгү кыргыз-казак адабий алака-катышын жандандырууда алгылыктуу иштерди аткарып келет. Биз жакында Кыргызстанда өткөн Казакстандын маданият күндөрүнүн алкагында акынды маекке чакырдык...***



**- Саят мырза, бир нече тектеш түрк тилдүү акындардын ырларын казак тилине оодарып, азыркы казак поэзиясын тектеш тилдерге оодартуу менен алек болуп келесиз. Уңгусу окшош тилдердеги чыгармаларды бири бирине оодарууда оорчулук болобу?**

- Түрк тилдүү акындардын көптөгөн ырларын өз тилибизге оодарып жүрөм. Айтсак, Азербайжан акыны Сона Валиеванын бир ыр жыйнагын толугу менен казакчага оодарып бүттүм. Ошондой эле татар акыны Ленар Шайыхтын да бир жыйнагын казак тилине оодардым. Кыргыз акыны Атантай Акбаровдун бир ыр жыйнагын азыр иштеп жатам. Андан сырткары, жыйырма кыргыз акынынын ар биринен он ырдан которуп, аларды жыйнап китеп кылып чыгардык. Бул ишти акын Дәулетпек Байтурсын уулу экөөбүз чогуу аткардык. Ал он акынды, мен он акынды котордум. Мындайча айтканда, бир топ арбын иш кылдык. Андан тышкары, кыргыз, өзбек, башкыр, якут, түрк акындарынын ырларын да оодарып жүрөбүз. Түрк тилдүү элдердин адабияты биздин казак окурмандарына жеткиликтүү болушу үчүн ушул иштерди жасап жатам. Бирок котормо ишинде бир топ кыйынчылыктар бар. Себеби кыргызча-казакча, татарча-казакча, якутча-казакча деген сыяктуу тилдер ортосунда сөздүк жок. Ошондуктан, оодарма менен иштеп жаткан учурумда айрым сөздөрдү таппай калып, мисалы, татар, башкыр, кыргыз элиндеги тааныштарыма, досторума чалып сураган күндөрүм да болгон.

**- Кыргыз-казак адабиятынын байланышы, эки элдин адабий достугун чыңдоодо алгылыктуу иштерди аткарып жүрөсүз. Ушул иштердин башаты жана келечеги жөнүндө учкай айта кетсеңиз?**

- Кыргыз-казак адабий байланыштарын дагы да тереңдетүү үчүн мүмкүн болушунча аракеттенип келе жатабыз. Жана айткандай кыргыз боордоштордун 20 акынынын ырларын казак тилине оодарып, ыр китеп кылып чыгарып, Астанада, Талды-Корганда, Алматыда ал китептердин бет ачарын жасадык. Биздин казактын жыйырма акынынын ырлары кыргыз тилине оодарылып, жыйнак болуп чыгып, Бишкекте бет ачар аземине катышып келдик. Андан сырткары менин эки ыр жыйнагым кыргыз тилинде китеп болуп чыкты. «Сезим сүрөттөрү» аттуу биринчи ыр жыйнагымды Назгүл Осмонова, Алтынай Темирова, Улукбек Омокеевдер оодарса, экинчи «Жүрөгүмдө жылдыз бар» аттуу ыр жыйнагымды акын Атантай Акбаров оодарды. Бул китептердин бет ачар аземи Ошто жана Бишкекте мыкты деңгээлде өттү. Адабий ишмердүүлүктө поэзия менен гана чектелбей, кыргыздын мыкты, илимпоз, таланттуу уулу Кыялбек Акматов экөөбүз биргелешип долбоор түзүп, ал долбоорубуз ишке ашып, казак жазуучуларынын аңгемелери кыргыз тилине оодарылып, «Пандемия дүрбөлөңү» деген аталыш менен ушул жылдын жаз айында китеп болуп чыкты. Андан соң кыргыз жазуучуларынын аңгемелери казакча оодарылып, «Күндүн көзүн көргүм келет» деген аталыш менен Казакстанда китеп болуп чыкты. Эки жыйнактын авторлору эки өлкөгө барып, өз чыгармаларынын бет ачарына катышып, адабий алака-катыш мыкты деңгээлде жанданып калды. Бул долбоорду келечекте дагы улантмакчыбыз. Учурда биздин Төкен Алжантеги, Жэди Шакен улы, Абдилдабек Салыкбай, Даулетбек Байтурсын улы аттуу жазуучуларыбыздын китептери кыргыз тилине оодарылып жатат. Биз буга чейин кыргыз жазуучусу Абдыкерим Муратовдун «Чегемдик кыз» аттуу аңгемелер жыйнагын китеп кылып чыгарганбыз. Эми алдыда Топчугүл Шайдуллаева, Султан Раев, Махабат Саидрахманова аттуу кыргыз жазуучуларынын китептерин казак тилине оодарууну колго алып жатабыз.

**- Түрк дүйнөсүндөгү поэзиялык өнөктөштүктү чыңдоодо акындардын ролу кандай болушу керек деп ойлойсуз?**

- Түрк дүйнөсүнүн түбү бир. Мына ошол бүтүндүктү сакташ керек. Биз сыяктуу тектеш, тили, дили, салт-санаасы окшош боордош элдер бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, орток маданиятын сактап калбаса, ааламдашуунун шарданында көптөгөн баалуулуктарыбызды жоготуп алышыбыз мүмкүн. Ал эми бириккенде чоң күчпүз. Боордош элдердин достугун бекемдөөдө маданият ишмерлеринин, акын-жазуучулардын ролу чоң.

**- Казакта да, кыргызда дагы “уучубуз куру эмес” дегендей, көптөгөн жаш акындар өсүп келе жатат. Аларга кандай кеңеш бересиз? Акын коомго кандай кызмат кылышы керек?**

- Акын коомдун “генератору” болушу керек деп эсептейм. Башкалар акында бар кашкөйлүктөн, чындыктан, акыйкаттан үлгү, ибарат алышы керек. Адатта акын коомго калеми, жалындаган жүрөгү менен кызмат өтөйт, жол көрсөтөт. Жаш акындарга берер кеңешим – көп изденүш керек. Аларда мүмкүндүк көп. Алар көп тил билет. Бүгүнкү ааламдашуунун шартында чыгармачылыгын дүйнөгө жайылтуу мүмкүндүгү бар, ошондуктан көп окуп, көп изденип, аракеттенбесе убакыттан утулуп калышат.

**- Жеке чыгармачылык иш-аракетиңизге токтолсок, балдарга арналган эмгектериңиз өзгөчө байкалып турат. Азыркы балдар адабиятынын абалына кандай баа бересиз? Бала чагыңызда өзүңүзгө жетпей калган кандай китепти азыркы балдарга жазып бергим келет деп ойлойсуз?**

- Мен балдарга арналган чыгармаларды жазганды балдарым кичинекей кезинен баштагам. Алар бала бакчага, андан кийин башталгыч класстарга барганда мугалимдери жаттап келүүгө ар кандай темадагы ырларды беришчү. Кээ бир ырлар түшүнүксүз, уйкаш эмес экенин көрүп, мугалимдеринен сурапып, “өзүм жазып берейинби?” десем – “ооба, жакшы болот” дешти. Ошондон тартып балдарыма өзүм ыр жазып берип, жаттатчу болдум. Ошондон кийин балдар адабиятына кызыгып, жазып жүрөм. Менин ырларым 2-класстын жана 3-класстын адабият китептерине кирген. “Ким болом?” деген китебимде балдар үчүн 30 кесип жөнүндө эки сабактан турган ырлар кирген. Ал китеп учурунда абдан ийгиликтүү кабыл алынган. “Улуу дала баатырлары” деген дагы бир китебим да жакшы кабыл алынган. Ар кандай өлкөлөрдөгү китеп жарманкелерине катышып турам. Ал жактардан жакшы китептерди сатып алып, кээ бирлерин которуп же өзүмө окшоштуруп жазып чыгам. Мындай жол менен казактын жеткинчектери, балдары жакшы китеп окуп, өсүшүн каалайм. Ошондой эле “төрт түлүк” жөнүндө – жылкы, уй, кой, төө тууралуу бирден сап ыр жазып, аларды орусчага которттум. Бул ыр китебим Кытайда да басылып чыккан. Ар бир жаныбардын сүрөтүн басканда, өзүнө тиешелүү үн чыгат: жылкы кишенейт, уй мөөрөйт, кой маарайт. Бул – кичинекей балдар үчүн арналган оюндуу китеп.

**- Балдар адабияты жөнүндө сөз болуп калды. Сиз бала чагыңызда китеп окудуңуз беле? Адабиятка кызыгууңузга, адабиятты сүйүүңүзгө балалык кездин да тиешеси бар чыгар...**

- Балалык кезимде жомок китептерин окуп чоңойдум, төртүнчү, бешинчи класска келгенде адабий китептердеги аңгемелерди окуй баштап, бара-бара классикалык чыгармаларды окууга кириштим. Жюль Верндин, кийин Даниел Дефону окудум. Андан кийин казактын классиктерин окуй баштадым. Көркөм чыгармаларды окууга болгон кызыгуум мени адабиятка жакындатты. Онунчу класста окуп жаткан кезимде күтүүсүздөн бир тууган эжемдин жолдошу, жездем каза болуп калды. Ата-энем мени үйгө жалгыз калтырып, ошол жакка кетип калышты, жездем менен ынак мамилебиз бар эле, аны эми эч качан тирүүлөрдүн арасынан кездештире албасымды билгенде ичимден аябай кайгырдым, ыйлайын десем буулугуп, көзүмдөн жаш чыкпай койду, анан ичимдеги муң өзүнөн-өзү ыр саптарына айланып төгүлө баштады. Баш-аягы жети куплеттей ыр жазып салыптырмын карасам. Ата-энем келгенде ырымды окутсам, алар көзүнө жаш алышып, жакшы жазыпсың дешти. Ошол сөз мага алгачкы чыгармачылык дем берди. Кийин айылыма, мектебиме, апама арнап ырларды жаза баштап, акындык өнөрүм уланып кетти.

**- Демек, сиз үчүн поэзия деген тээ балалыгыңыздан башталган өнөр, жан-жолдош, коштоочуңуз деп түшүнсөк туура экен?**

- Поэзия – мен үчүн бакыт. Поэзия – мен үчүн сырдаш, жолдош. Жашоомдогу кайгы-кубанычымды, бакытым менен азабымды да, деги эле эч кимге сүйлөп бергим келбеген ички сырларымдын баарын поэзиядан жашырбайм, поэзия менен айтып бере алам. Мен поэзиянын алдында адалмын, өмүрүмдүн эң кыйын шарттарында да поэзияны таштаган жокмун. Алгачкы ыр китебим “Сары гүл” деген ат менен жыйырма эки жашымда чыккан, Казакстан Жазуучулар союзуна мүчөлүккө кабыл алышкан. Китебимдин бет ачарында ошол кездеги Президентибиз Нурсултан Назарбаев менен чогуу болдук. Окурмандардын, калемдештердин, президентибиздин мага болгон ишеними, тапшырмалары жыйырма эки жаштагы мен үчүн зор бакыт, зор эргүүгө жол ачкан. Мен өз келечегимди, коомдук турмуштагы бакытымды, ишмердүүлүгүмдү адабияттан таптым десем болот.

**- Акын катары же балким жөн эле адам катары өмүрүңүздө сизди өзгөрткөн бир сөз же окуя болгонбу?**

- Үч ай мурун улуу эжем кайтыш болду... Эжем азыркы Абай облусунда жашачу. Ошол күнү эжемдин үйүндө тамактанып олтуруп, бирге сүрөткө да түштүк эле. Эртеси эрте менен бир иштер боюнча Семей калаасында жолукмак болуп, коштошуп, жолго чыккам. Бирок, тилекке каршы, мен Семейге жетерим менен бир сааттан кийин аркамдан кабар келди. Эжем уктап жаткан боюнча ойгонбой көз жуумп кете бериптир... Абдан катуу кайгырып, кайра эжемдин үйүнө бардым. Мурда менин акылыма сыйбаган нерсеге ушул жолу баш ийүүгө аргасыз болуп муңкүрөп турдум. Аттиң! Көрсө азыр гана бет маңдай олтуруп, баарлашып, даам сызып олтурган адамың сен кайтып келгенче өмүрдөн өтүп кете бериши мүмкүн экен. Ошондуктан биз ар бир жаныбызда жүргөн жакын адамдарыбызды, деги эле адамды баалашыбыз керек экен. Кез келген адамыңды соңку ирет көрүп жаткан болушуң мүмкүн экен, бүгүн көргөн адамыңды экинчи ирет көрбөй калууң мүмкүн экен. Мен мурда эле адамдар менен жакшы мамилени сактачумун. Ошол окуядан соң ар бир адамды акыркы ирет көрүп тургандай аярлап, баалап мамиле жасоону үйрөндүм.

**- Кыргыз акындарынын поэзиясынан эмнелерди баалайсыз? Казак-кыргыз поэзиясындагы окшоштуктар жана айырмачылыктар тууралуу... Казак жана кыргыз тилдеринин поэзиядагы үндөштүгү боюнча оюңуз кандай?**

- Казак, кыргыз, өзбек поэзиясы учурда абдан күчтүү өнүктү. Поэзиядагы мына ушул күчтү жоготпой, сактап алышыбыз керек. Жаш акындар азыркы деңгээлди мындан ары да жогорулатышы керек деп эсептейм. Казак-кыргыз поэзиясы болсо бири-бири менен өтө жакын. Элдерибиз бири-бири менен жакын болгондуктан ойлонуусу, өмүр-тагдыры, тарыхы да окшош болуп, окшош ырларды да жаратышса керек. Менин байкаганым казакта да, кыргызда да эл-жерге арналган атуулдук ырлар көп. Себеби биз мекендин, эркиндиктин кадырын билген элдерденбиз. Элибиздин эгемендикти эңсеп, бирок жетпеген күндөрү да болгон. Азыр баары жакшы. Эгемендиктин шарданында өлкөлөр өз алдынча өнүгүп жатат. Эми акындарыбыз Ата Мекендин, Эгемендиктин кадырына жетүүгө, аярлоого, тарыхты татыктуу улантууга чакырган күчтүү, мыкты ырларды жаратышы керек. Казак-кыргыз бир туугандыгын сактап калуу үчүн адабият менен маданият мыкты роль ойнойт албетте. Адабий, маданий алака-катышты жылдан-жылга күчөтөбүз. Мисалы, эзелтен кыргыз жөнүндө бирөө жаман айтса казак арачага түшүп, казак жайында бирөө жаман айтса кыргыз агайын арача түшүп, бирин-бири колдоп келген элбиз. Казак менен кыргыздан артык бири-бирине жакын эл жок. Эл эл болуп ушуну түшүнө турган убакыт келди. Албетте, көпчүлүктүн арасынан улуттар аралык кастыкты козутуу максатында тескери сөз таркаткандар да жок эмес, боло келген, сөз дегендин өзү зор күч эмеспи. Ал эми акын-жазуучулар дал ошол сөз менен узанган адамдар болгондуктан, майда-барат кастыкка бөгөт коюп, боордоштукту бекемдеп, адабият аркылуу кызмат өтөөбүз керек.

**- Саят мырза, учурдагы кыргыз элине болгон каалоо-тилегиңизди уксак...**

- Кыргызстан акыркы жылдары жаңы дем менен өсүп-өнүгүп келе жатканы ачык байкалууда. Жаштардын билимге умтулуусу, ишкерликтин жанданышы жана маданияттагы, адабияттагы жаңы агымдар кубаныч жаратат. Кыргызстан алдыда дагы чоң ийгиликтерге жетет деп ишенем. Кыргыз элине, кыргыз жаштарына өз тоолорундай бекемдикти, бийиктикти каалайм.

**Махабат САИДРАХМАНОВА**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 28-ДЕКАБРЫНДАГЫ №364 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮНҮН ЖОГОРКУ КОЛ БАШЧЫЛЫК КУРАМЫ ЖӨНҮНДӨ” ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 8-бөлүгүнө ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 28-декабрындагы №364 “Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн жогорку кол башчылык курамы жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– 1-пунктта:

алтынчы абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“– Кыргыз Республикасынын коргоо министринин орун басарлары.”;

жетинчи абзац күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 25-августу, №244***

## КАТТООСУЗ ТАШЫП КЕЛҮҮГӨ ЖАНА МЕДИЦИНАЛЫК КОЛДОНУУГА УБАКТЫЛУУ УРУКСАТ БЕРИЛГЕН ДАРЫ ПРЕПАРАТТАРЫНЫН ЖАНА МЕДИЦИНАЛЫК БУЮМДАРДЫН АТАЙЫН ТИЗМЕГИН ТҮЗҮҮ ТАРТИБИН ЖАНА ДАРЫ ПРЕПАРАТТАРЫН ЖАНА МЕДИЦИНАЛЫК БУЮМДАРДЫ ЧЫГАРУУ, КИРГИЗҮҮ КРИТЕРИЙЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

“Дары каражаттарын жүгүртүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 6, 7, 8-бөлүктөрүн, “Медициналык буюмдарды жүгүртүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 5-бөлүгүн ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Каттоосуз ташып келүүгө жана медициналык колдонууга убактылуу уруксат берилген дары препараттарынын жана медициналык буюмдардын атайын тизмегин түзүү тартиби жана дары препараттарын жана медициналык буюмдарды чыгаруу, киргизүү критерийлери тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-февралындагы №64 “Дары каражаттарынын атайын тизмегин жана медициналык буюмдардын тизмегин түзүүнүн айрым маселелери жөнүндө” токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**3**. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**4**. Бул токтомду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин тиешелүү жылдарга бекитилген бюджетинин алкагында жүзөгө ашырылат деп белгиленсин.

**5**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 23-августу, №522***

## “РЕГИОНДОРДУ ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА СОЦИАЛДЫК ӨНӨКТӨШТҮК ФОНДУ” КООМДУК ФОНДУНУН ИШИНИН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Региондорду социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча чараларды күчөтүү максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фонду” коомдук фондунун уюштуруучусу катары чыгуу боюнча ыйгарым укуктарын ишке ашыруу боюнча функцияларын “Кыргыз Республикасынын Улуттук инвестициялык фонду” ачык акционердик коомуна өткөрүп берсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 21-августундагы № 414 “Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фонду” коомдук фондун түзүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– 1-пункттун үчүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

– 2-пунктта:

экинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“– Фонд “Кыргыз Республикасынын Улуттук инвестициялык фонду” ачык акционердик коому дайындаган байкоочу кеңеш тарабынан башкарылат;”;

төртүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“– Фонддун каражаттары Кыргыз Республикасынын региондорун өнүктүрүүгө багытталган долбоорлорду каржылоо жана долбоордук кеңсени каржылоо үчүн гана пайдаланылат.”.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-июнундагы №323 “Кыргыз Республикасынын өнүктүрүү институттарынын координациялык кеңешин түзүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын өнүктүрүү институттарынын координациялык кеңеши жөнүндө жободо:

4-главада:

– он биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Долбоордук кеңсени каржылоо “Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фонду” коомдук фондунун каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.”;

– он экинчи абзац күчүн жоготту деп таанылсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги “Кыргыз Республикасынын Улуттук инвестициялык фонду” ачык акционердик коому менен биргеликте ушул токтомдон келип чыгуучу толук чараларды көрсүн.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 23-августу, №523***

## МЕДИЦИНАЛЫК ШААРЧАНЫ КУРУУ БОЮНЧА ДОЛБООРДУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Көп профилдүү мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарын бириктирген заманбап медициналык шаарчаны куруу, калкка комплекстүү жана борборлоштурулган медициналык кызматтарды көрсөтүү, инклюзивдүү бейтаптарга багытталган чөйрөнү түзүү, Кыргыз Республикасында саламаттык сактоонун инфраструктурасын масштабдуу модернизациялоо жана интеграциялоо максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Медициналык шаарчаны куруу стратегиялык мамлекеттик милдет жана орто мөөнөттүү келечекте ишке ашыруу үчүн артыкчылыктуу долбоор деп эсептелсин.

**2.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) медициналык шаарчаны куруу жана жабдуу биринчи кезекте Бишкек шаарында жайгашкан жана реконструкциялоону жана жаңылоону талап кылган мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарынын мүлктүк комплекстерин ачык жана транспаренттик негизде этабы менен менчиктештирүүнүн, ошондой эле жеке инвестициялардын жана эл аралык уюмдардын эсебинен ишке ашырылат;

2) медициналык шаарчаны куруу жана жабдуу үчүн ушул пункттун 1-пунктчасында көрсөтүлгөн каражат жетишсиз болгон учурда зарыл болгон каражаттар республикалык бюджеттен бөлүнөт;

3) мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарын медициналык шаарчага кайра жайгаштыруу медициналык шаарчанын тиешелүү объекттери эксплуатациялоого киргизилгенине жараша этабы менен, бирок ушул саламаттык сактоо уюму тарабынан бошотулган тиешелүү мүлктүк комплекс менчиктештирилген учурдан тартып эки жылдан кечиктирбестен ишке ашырылат.

**3.** Долбоорду жетектөө жана медициналык шаарчанын курулушун координациялоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына жүктөлсүн.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы менен биргеликте белгиленген тартипте алты айлык мөөнөттө:

1) медициналык шаарчаны түзүү жана иштетүү долбоорун ишке ашыруу концепциясын иштеп чыксын жана бекитсин;

2) Бишкек шаарынын мэриясы менен биргеликте медициналык шаарчанын жайгашкан жерин аныктасын, зарыл жер участокторун бөлүп берүү жана трансформациялоо боюнча чараларды көрсүн;

3) медициналык шаарчага кайра жайгаштырылууга тийиш болгон мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарынын тизмегин аныктасын;

4) мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарын этабы менен кайра жайгаштыруу жана алардын сатылган мүлктүк комплекстерди бошотуусунун планын бекитсин;

5) медициналык шаарчаны долбоорлоо жана куруу менен байланышкан жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчүлөрдү аныктасын;

6) медициналык шаарчага кайра жайгаштыруу пландалып жаткан мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарынын мүлктүк комплекстерин менчиктештирүү процессин камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында белгиленген бар болгон тоскоолдуктарды четтетүү жана аларды ээликтен ажыратууга чектөөлөрдү алып салуу маселелерин жөнгө салуу үчүн зарыл болгон ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыксын жана киргизсин;

7) Бишкек шаарынын мэриясы менен биргеликте тарыхый-маданий мурас объекттери болуп саналган мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарынын бошотулуп жаткан имараттарынын статусун кайра карап чыгуу маселесин карасын;

8) медициналык шаарчага кайра жайгаштыруу жөнүндө чечим кабыл алынган мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарынын “улуттук” статусун кызматкерлердин кызматтык маяналарына карата колдонуудагы дем берүүчү үстөк акыларды сактоо менен кайра карап чыгуу боюнча сунуштарды киргизсин;

9) бошотулуп жаткан мүлктүк комплекстердин рыноктук наркына объективдүү көз карандысыз баа берүүнү камсыз кылсын;

10) ушул Жарлыктан келип чыгуучу уюштуруучулук, финансылык жана башка чараларды көрсүн.

**5.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 1995-жылдын 16-февралындагы №37 “Социалдык инфраструктура объекттерин андан ары пайдалануунун шарттарын камсыз кылуу боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“1. Эгерде мындай объекттер алардын балансында турса же менчиктештирүү процессинде аларды пайдалануунун колдонуудагы тартибин сактоо шарттарында акысыз өткөрүлүп берилсе, уставдык фонддогу мамлекеттик үлүштүн өлчөмүнө карабастан, социалдык инфраструктура объекттери мамлекеттик жана менчиктештирилген ишканалар жана мекемелер тарабынан сатылууга тийиш эмес деп эсептелсин, буга төмөнкүлөр кирбейт:

1) мамлекеттик, муниципалдык менчикте турган жана белгиленген тартипте авариялык жана бузулууга тийиш деп таанылган объекттер;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан медициналык шаарчага кайра жайгаштыруу жөнүндө чечим кабыл алынган мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарынын ыкчам башкаруусунда турган объекттер.”.

**6.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 25-августу, №248***

## ДАРЕКТҮҮ ФИЛЬМ ТАРТЫЛАТ



Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинин билдирүүсү боюнча 14–28-август күндөрүндө Монголияда кыргыздар менен байланышкан тарыхый, маданий жана фольклордук мурастар изилденип жатат. Кыргызстандан барган окумуштуулар учурда Баян-Улгий жана Увс аймактарында кыргыздар боюнча изилдөө жүргүзүүдө. Изилдөөнүн жыйынтыгы менен илимий басылма чыгарылып, даректүү фильм тартылары кошумчаланды. "Мамлекет тарабынан алгачкы жолу уюштурулган экспедиция Кыргызстан менен Монголиянын ортосундагы этномаданий жана тарыхый байланыштарды кайра жандандыруу, ошондой эле жоголуу коркунучунда турган руханий жана материалдык мурастарды сактап калуу максатында жүргүзүлөт. Демилге Кыргызстандагы этнография, тарых, фольклористика, лингвистика жана тарыхый география тармактары үчүн жаңы булактарды ачууга багытталган" деп айтылат маалыматта.

**Махабат САИДРАХМАНОВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

САЛЫК КЫЗМАТЫНА – 35 ЖЫЛ

## Ысык-Ата райондук салык кызма

# “ЖООПК БИЙИКТЕГ ИЙГИЛИКТЕР




**- Үсөн Нарматович, салык кызматынын түзүлгөнүнөн бери 35 жыл зыпылдап өтүптүр. Убакыт учкан куш деп бекеринен айтылбаган. Кечээги менен бүгүнкү өзгөрүүлөрдү салыштырсак, салык кызматы чыңдалды. Өлкөбүздүн экономикасын көтөрүүдөгү сиздердин салымыңыздар салмактуу. Ийгиликтердин илгерилеши жетекчилерге түздөн-түз көз каранды. Талаптар жайындабы?**

- Албетте, жетекчилердин ишмердиги, уюштуруучулук сапаттары айкалышып турса, кандай гана максаттар болбосун иш жүзүнө аша баштайт. Мында таң каларлык эч нерсе жок. Кечээги салыкчылар менен бүгүнкү салыкчылардын айырмасы асман менен жердей. Салык кызматынын төрагасы Алмамбет Шыкмаматов баса белгилеп келгендей, 35 жылдын ичинде чоң өзгөрүүлөрдү башыбыздан кечирдик. Кыйынчылыктарды да көп көрдүк. Албетте, алгачкы реформалар дароо эле натыйжаларды бере койбоду. Андыктан кетип жаткан кемчиликтерди четтетүүнүн үстүнөн үзгүлтүксүз иштедик. Акыры натыйжалар чыга баштады.

Бир аз артка кылчайсак, алгач салык кызматы Финансы министрлигинин алдында бөлүм катары түзүлгөн. Бара-бара тиешелүү мыйзамдар чыкты, уюштуруучулук жана технологиялык жактан колго алына баштадык. Учурда учугубуз узарды, заманбап мекемеге айландык.

Быйылкы айтарлык зор жаңылыгыбыз – Финансы министрлигинен биротоло бөлүнүп, өз алдынча Кыргыз Республикасынын салык кызматына айландык. Жөнөкөйлөтүп айтканда, тиги же бул маселени чечерге келгенде биреөнүн көзүн буга чейин карап келсек, учурда кандай гана маселелер болбосун түз чечүүгө жетиштик. Салыкчылар үчүн мындай артыкчылык мурда болуп көрбөгөндөй мүмкүнчүлүктөрдү ача баштады.

Бүгүнкү күндү санариптештирүүсүз элестетүү мүмкүн эмес. Бул жагынан да олуттуу оң бурулуштар жанданды. Жалпы республика боюнча алганда салык түшүүлөр рекорддук деңгээлге жетти. Мында биздин да эмгегибиз бар. Талап баарыбызга бирдей. Кубанганым, бүгүнкү салык төлөөчүлөрдүн маданияты абдан жогорулады. Кечээгидей ар бир ишкердин артынан түшүү артта калды. Салык төлөөчүлөр менен болгон туура мамиле, калыс талап кайтарымын берүүдө. Салык кызматчылары менен салык төлөөчүлөрдүн ынтымагы бекемделди. Биздин максат – Салык саясатына сак мамиле жасап, салык төлөөчүлөрдүн ишмердигине тыгыз көз салып, жагымдуу шарттарды тартуулоо. Эски кездердегидей коркутуу, опузалоого жол берилбейт. Салык чөйрөсүндө мындан ары коррупция деген жемкорлук болбоого тийиш. Жетекчи катары бул багытта талапты катуу коюп, ишине тыкан, өз милдетине берилген кесиптештеримди колдоп келем.

**- Кесиптештериңиздин жетишкендиктери албетте ынтымактын бекемдиги. Өткөн бир жолугушууда "оорубузду жондон, жеңилибизди жерден алган ардагер кесиптештерим тууралуу жазсаңыз жакшы болор эле. Анткени, нечен жылдан берки ардагерлердин эмгеги теңдешсиз. Жаштардан шакирттерди мына ушул улуу муундар тарбиялап жатат" деген элеңиз.**

- Жаштар да колдон келишинче жакшы иштеп жатышат. Убакыт ар нерсени өз ордуна коёт эмеспи. Талыкпаган эмгек, чоң тажрыйба баары бир суудай керек. Андыктан билбегенин – билген ардагерден суроо, тиги же бул маселе тууралуу кеңеш алуунун пайдасынан башка зыяны жок.

Эл менен болгон жолугушууларда элдин кызыкчылыктарына көңүл бурууга тийишпиз. Биздин максат – салык саясатын туура жүргүзүү. Чындык керек, мурдагы жылдардагыдай арадай жерге чарадай жыйын курган салык саясатына наараазы болгондор жокко эсе. Демек, туура иш жүргүзүүнүн аркасында салык кызматынын кадыр-баркы терендеп жатат десек болот.

Айталык, талаш-тартыштын бутасы болуп келген патент системасынын айланасында наараазылык болуп келген эле. Чакан жана орто бизнес менен алектенгендердин арманы алыстады. Жеңилдетилген патент жагдайы кайра каралды.

**- Үсөн Нарматович, Эгемендүүлүк майрамыбызга саналуу гана күндөр калды. Майрамды кандай жарк эткен жаңылыктар менен тосуп аласыздар? Пландар аткарылып жатабы?**

- Буйруса эл-журтка жүзүбүз жарык. Жети айлык план тапшырмаларды ашыгы менен аткарууга жетиштик. Бул да болсо тынымсыз аракеттерибиздин акыбети. Мамлекеттик бюджетке 2 704 185,6 миң сом план тапшырма берилсе, накталай түшкөнү 2 849 742,4 миң сом болду. План 105,4 пайызды түздү. Башкача айтканда 145 556,8 миң сомго бюджетке көбүрөөк түштү.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн бекитилген план тапшырмасы 2 387 645,9 миң сом болсо, иш жүзүндө 2 495 378,3 миң сом накталай түштү. План 104,5 пайызга аткарылды. Республикалык бюджетке 107 732,4 миң сом көбүрөөк жыйналды. 2024-жылга салыштырсак (1 928 490,9 миң сом) 566 887,3 миң сомго бюджетке көбүрөөк түшүп, өсүү ыргагы 129,4 пайызды түздү.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн бекитилген план тапшырмасы 316 539,7 миң сом болсо, бюджетке 354 364,1 миң сом түшкөн. Бюджетке пландан тышкары 37 824,4 миң сом ашык жыйналган. Былтыркы жылга салыштырсак (202 708,5 миң сом) 61 655.6 миң сом көбүрөөк түштү. Өсүү ыргагы 121,1 пайызды түздү.



*Туура талап – ийгиликке жол ачат*

Ардагерлерге алкыш жарашат


Абласанов Мурат


Ахматбекова Жипар


Далбаева Роза


Боронбаев Адыл

## ...тынын жетекчиси Үсөн АШИМОВ:

# ...ЕРЧИЛИК ...ЕН САЙЫН ...ИЛГЕРИЛЕЙТ"

Мындан тышкары камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча 664 611,0 миң сом план таршырма белгиленген. Иш жүзүндө накталай түшкөнү 684 910,3 миң сом болду. Натыйжада 103,1 пайызга аткарылды. Кошумча 20 299,3 миң сом камсыздандыруу төлөмдөрү ашыкча өндүрүлдү. Жети айлык камсыздандыруу төлөмдөрүн былтыркы жылга салыштырып анализдеп көрсөк, 2024-жылдын ушул маалына салыштырмалуу (618 771,5 миң сом) болсо, 6 138,8 миң сомго көп түшкөн. Өсүү ыргагы 100,7 пайызды түздү.

Баамдап, былтыркы жылдын көрсөткүчтөрү менен салыштырсак, быйылкы секирик айтарлык. Татыктуу аракеттер текке кетпеди. Кесиптештеримди жана жалпы эле мекендештеримди жакындап калган Эгемендүүлүк майрамы менен куттуктайм. Ар дайым асманыбыз жарык болсун!

**Айчүрөк МАКЕШОВА**

Көп жылдык эмгек текке кетпейт


Жаркымбаева Дамир


Жунушалиева Гульнара


Манапова Эльмира


Раимбекова Арапат


Биримдик, ынтымак гана жеңиштерге жеткирет

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2016-ЖЫЛДЫН 11-АПРЕЛИНДЕГИ №201 “КООМДУК САЛАМАТТЫК САКТОО ЖААТЫНДАГЫ АКТЫЛАРДЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

2024–2028-жылдарга Кыргыз Республикасында мектептик билим берүүнүн он эки жылдык түзүмүн этап-этабы менен киргизүү максатында, “Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 64-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 “Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген “Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар” санитардык-эпидемиологиялык эрежелеринде жана ченемдеринде:

– 3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“3. Санитардык эрежелер долбоорлонуп, иштеп, курулуп жана кайрадан конструкцияланып, башталгыч жалпы, негизги жалпы, орто жалпы билим берүүнү жүзөгө ашырып жана жалпы билимдин жалпы билим берүүчү программаларынын деңгээлдерине ылайык билим берүү процессин жүзөгө ашырып жаткан жалпы билим берүү уюмдарына алардын менчигинин түрүнө жана формасына карабастан жайылтылат:

жалпы башталгыч билим берүү (мындан ары – билим берүүнүн 1-деңгээли);

жалпы негизги билим берүү (мындан ары – билим берүүнүн 2-деңгээли);

жалпы орто билим берүү (мындан ары – билим берүүнүн 3-деңгээли).”;

– 5-пунктта:

2-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“2) **билим берүү программасы** – конкреттүү бир деңгээлдеги, багыттагы, максаттарды, милдеттерди, пландаштырылган натыйжаларды, конкреттүү деңгээлдеги билим берүү процессин уюштурууну аныктоочу билим берүү мазмуну;”;

5-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“5) **жалпы билим берүү** – коомдо активдүү иштөө үчүн бул системанын деңгээлдерине шайкеш келүүчү жетиштүү билимди, жөндөмдү, практикалык көндүмдөрдү жана компетенцияларды камсыз кылуучу тарбиялоо жана окутуу системасы.”;

– 11-пунктта:

экинчи абзацтагы “тепкичинин” деген сөз “деңгээлинин” деген сөзгө алмаштырылсын;

үчүнчү абзацтагы “тепкичинин” деген сөз “деңгээлинин” деген сөзгө алмаштырылсын;

– 32-пункттагы “1–4” деген цифралар “1–6” деген цифраларга алмаштырылсын;

– 33-пункттагы “тепкичинин” деген сөз “деңгээлинин” деген сөзгө алмаштырылсын;

– 44-пунктта 1-таблицанын “Балдардын жашы” деген графасындагы “7” деген цифра “6” деген цифрага алмаштырылсын;

– 50-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“50. Китепкананын тиби жалпы билим берүү уюмунун түрүнө жана анын сыйымдуулугуна жараша болот. Китепкана жалпы билим берүү уюмдарында маалымдама-маалыматтык борбор катары колдонулат. Китепкананын (маалыматтык борбордун) аянтын бир окуучуга 0,6 $м^2$ кем эмес эсепте алыш керек.”;

– 61-пункттагы “тепкичтериндеги” деген сөз “деңгээлдериндеги” деген сөзгө алмаштырылсын;

– 65-пункттагы “5–11” деген цифралар “5–12” деген цифраларга алмаштырылсын;

– 77-пункттагы “тепкичтин” деген сөз “деңгээлдин” деген сөзгө алмаштырылсын;

– 86-пункттагы ар кандай жөндөмөдөгү “тепкичи” деген сөз тиешелүү жөндөмөлөрдөгү “деңгээли” деген сөзгө алмаштырылсын;

– 160-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

– 161-пункттагы “11-” деген сөздөр “12-” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 163-пунктта:

үчүнчү абзацтагы “бир жумада 6 күн окуса” деген сөздөр алып салынсын;

төртүнчү абзацтагы “11-” деген сөздөр “12-” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 166-пункттагы ар кандай жөндөмөдөгү “тепкичи” деген сөз тиешелүү жөндөмөлөрдөгү “деңгээли” деген сөзгө алмаштырылсын;

– 167-пункттагы “11-” деген сөздөр “12-” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 170-пункттагы “1” деген цифрадан кийин “–2” деген сөздөр менен толукталсын;

– 171-пункттагы “1” деген цифрадан кийин “–2” деген сөздөр менен толукталсын;

– 177-пункттагы “тепкичинде” деген сөз “деңгээлинде” деген сөзгө алмаштырылсын;

– 178-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“178. Билим берүүнүн 1-деңгээлинин окуучуларын класстык комплекттөөдө аларды эки класстан түзүү оптималдуу болуп эсептелет: 2 жана 3-класстар (2+3), 2 жана 4-класстар (2+4). Окуучулардын чарчоосун алдын алуу үчүн бириктирилген (өзгөчө 4 жана 5) сабактардын убактысын 5–10 мүнөткө (дене тарбия сабагынан башка) кыскартуу зарыл. Класс-комплекттердин толушу 4-таблицага ылайык келиши керек.

4-таблица

**Класс-комплекттердин толушу**

| Класс-комплекттерге бириктирилген класстар | Класс-комплектте окуган окуучулардын саны |
|---|---|
| 1+2 | 8–10 |
| 1+4 | 8–10 |
| 2+3 | 10–12 |
| 2+4 | 10–15 |
| 3+4 | 10–15 |

”.

– 180-пункттагы “11” деген цифралар “12” деген цифраларга алмаштырылсын;

– 183-пункттагы “11” деген цифралар “12” деген цифраларга алмаштырылсын;

– 184-пункттагы 5-таблицанын “Класстар” деген графасындагы “11” деген цифралар “12” деген цифраларга алмаштырылсын;

– 197-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“197. Үй тапшырмалардын көлөмү (бардык сабактар боюнча) аны аткаруу үчүн кеткен убакыт төмөнкүдөн жогору болбош керек (астрономиялык саатта): 3-класста – 1,5 с., 4–5-класстарда – 2 с., 6–8-класстарда – 2,5 с., 9–12-класстарда – 3,5 саатка чейин.”;

– 199-пункттагы “11” деген цифралар “12” деген цифраларга алмаштырылсын;

– “Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар” санитардык-эпидемиологиялык эрежелерине жана ченемдерине 1-тиркеме төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“

“Жалпы билим берүү уюмдарында
окутуу шарттарына жана аны уюштурууга
карата санитардык-эпидемиологиялык
талаптардын” санитардык-эпидемиологиялык
эрежелерине жана ченемдерине
1-тиркеме

### 1. Сабактардын расписаниесине карата гигиеналык сунуштар

1. Заманбап илимий изилдөөлөр мектеп жашындагы балдардын акыл-эсинин иштөө жөндөмдүүлүгүнүн биоритмикалык оптимуму 10–12 саат аралыгына туура келээрин белгилеген. Ошол сааттарда организмдин эң аз психофизиологиялык күч жумшоосу менен материалды өздөштүрүүнүн эң жогорку натыйжалуулугу белгиленген.

2. Билим берүүнүн 1-деңгээлинин окуучулары үчүн сабактардын расписаниесинде негизги сабактар 2–3-сабактарда, ал эми 2, 3-деңгээлдин окуучулары үчүн – 2, 3, 4-сабактарда өткөрүлүшү керек.

3. Жуманын ичинде окуу сабактарынын кыйла көбүрөөк көлөмү шейшембиге жана (же) шаршембиге туура келгидей бөлүштүрүлүшү керек. Мектеп расписаниеси бул күндөрдө эң оор сабактарды же жуманын калган күндөрүнө караганда орто жана оңой өздөштүрүүчү сабактарды камтууга тийиш. Жаңы материалды баяндоо, контролдук иштер жуманын ортосундагы 2–4-сабактарга коюлушу керек.

4. Үйдө даярданууда көп убакытты талап кылган сабактар бир күнгө топтолбошу керек.

5. Дене тарбия сабактарын акыркы сабактарга коюу сунуш кылынат. Дене тарбия сабактарынан кийин жазуу тапшырмалары жана контролдук иштер өткөрүлбөйт.

6. Башталгыч, негизги жана чоң класстардын окуучулары үчүн сабактардын расписаниесин түзүүдө ушул тиркеменин 2–4-таблицаларына ылайык сабактардын татаалдык шкаласы колдонулат.

1-таблица

**Бир жумалык билим берүү жүктөмүнүн максималдуу көлөмүнө карата гигиеналык талаптар**

| Класстар | Академиялык сааттардагы жол берилген максималдуу бир жумалык жүктөм | |
|---|---|---|
| | 6 күндүк жумада, андан көп эмес | 5 күндүк жумада, андан көп эмес |
| 1 | 21 | 21 |
| 2–4 | 23 | 23 |
| 5 | 29 | 28 |
| 6 | 30 | 29 |
| 7 | 32 | 30 |
| 8–9 | 33 | 30 |
| 10–12 | 34 | 30 |

**2-таблица**

**1–6-класстар үчүн сабактардын татаалдыгынын шкаласы**

| Жалпы билим берүү сабактары | Баллдардын саны (татаалдык рангы) | | |
|---|---|---|---|
| | 1–4-класс | 5-класс | 6-класс |
| Математика | 8 | 10 | 13 |
| Чет тили | 7 | 9 | 11 |
| Кыргыз тили | 7 | 8 | 12 |
| Орус тили | 7 | 8 | 12 |
| Жаратылыш таануу | 6 | 7 | 8 |
| География | – | – | 7 |
| Информатика | 6 | 4 | 10 |
| Жарандарды таануу | – | 6 | 9 |
| Кыргыз (орус) адабияты | 5 | 4 | 6 |
| Тарых | 4 | 5 | 8 |
| Сүрөт | 3 | 3 | 3 |
| Музыка | 3 | 2 | 1 |
| Технология (эмгек, чийүү жана дизайн) | 2 | 4 | 3 |
| Дене тарбия | 1 | 3 | 4 |
| Жашоонун коопсуздугунун негиздери (ЖКН) | – | 1 | 2 |

**3-таблица**

**7–9-класстарда өтүлүүчү сабактардын татаалдык шкаласы**

| Жалпы билим берүү сабактары | Баллдардын саны (татаалдык рангы) | | |
|---|---|---|---|
| | 7-класс | 8-класс | 9-класс |
| Химия | 13 | 10 | 12 |
| Геометрия | 12 | 10 | 8 |
| Физика | 8 | 9 | 13 |
| Алгебра | 10 | 9 | 7 |
| Экономика | – | – | 11 |
| Чет тили | 10 | 8 | 9 |
| Биология | 7 | 7 | 7 |
| Орус тили | 11 | 7 | 6 |
| География | 6 | 6 | 5 |
| Жарандарды таануу, коом таануу | 9 | 5 | – |
| Тарых | 6 | 8 | 10 |
| Технология (эмгек, чийүү жана дизайн) | 2 | 1 | 4 |
| Адабият | 4 | 4 | 7 |
| Сүрөт | 1 | 3 | – |
| Дене тарбия | 2 | 2 | 2 |
| Экология | 3 | 6 | 1 |
| Музыка | 1 | 1 | – |
| Информатика | 4 | 7 | 7 |
| Жашоонун коопсуздугунун негиздери (ЖКН) | 3 | 3 | 3 |

4-таблица

**10–12-класстарда өтүлүүчү сабактардын татаалдык шкаласы**

| Жалпы билим берүү сабактары | Баллдардын саны (татаалдык рангы) |
|---|---|
| Физика | 12 |
| Геометрия, химия | 11 |
| Алгебра | 10 |
| Орус тили | 9 |
| Адабият, чет тили | 8 |
| Биология | 7 |
| Информатика | 6 |
| Тарых, коом таануу | 5 |
| Астрономия | 4 |
| География, экология | 3 |
| Дене тарбия | 1 |

”.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 21-августу, №512***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 8-АПРЕЛИНДЕГИ №185 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ МЕДИЦИНАЛЫК-СОЦИАЛДЫК ЭКСПЕРТИЗА ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Ден соолугу оор, калыбына келтирилгис бузулган адамдарды социалдык коргоону күчөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 8-апрелиндеги №185 "Кыргыз Республикасындагы медициналык-социалдык экспертиза жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жаранды майыптыгы бар адам деп таануу жөнүндө жободо:

– 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5. Ден соолугунун бузулуу мүнөзүнө жана даражасына жараша I топтогу майыптык 7 жылдык мөөнөткө, II топтогу майыптык 4 жылдык, III топтогу – 2 жылдык мөөнөткө белгиленет.

Ошол эле учурда жаран (анын мыйзамдуу же ыйгарым укуктуу өкүлү) анын пикири боюнча аны майыптыгы бар адам деп таануу үчүн негиздердин жоголушуна алып келген ден соолугунун абалы жакшырган учурда майыптык статусун мөөнөтүнөн мурда алып салуу үчүн МСЭКке арыз менен кайрылууга укуктуу.

"Майыптыгы бар бала" категориясы жаран 18 жашка толгонго чейин 1 жылдык, 2 жылдык, 5 жылдык мөөнөткө белгиленет.";

– 62-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 5-пунктча менен толукталсын:

"5) майыптыгы белгиленген жарандын (анын мыйзамдуу же ыйгарым укуктуу өкүлүнүн) арызы боюнча.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 21-августу, №513***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК МАТЕРИАЛДЫК РЕЗЕРВДЕР ФОНДУНУН АЛДЫНДАГЫ "РЕЗЕРВ" МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАСЫН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун ишин тартипке келтирүү жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Каракол тегирмен комплексинин базасында Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун алдындагы "Резерв" мамлекеттик ишканасы түзүлсүн.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун алдындагы "Резерв" мамлекеттик ишканасынын уставы тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3**. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фонду белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун алдындагы "Резерв" мамлекеттик ишканасын мамлекеттик каттоодон өткөрсүн.

**4**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 21-августу, №514***

## БИШКЕК ШААРЫНЫН АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР УЧАСТОГУН "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Бишкек шаарынын Октябрь районунун аймагына Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын административдик имаратын куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Жер кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 2-бөлүгүнө, "Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин экинчи бөлүгүнүн 4, $12^2$-пункттарына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Бишкек шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 4-июлундагы №157 токтомун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Бишкек шаарынын Октябрь районунун №199 контурунда жайгашкан, мамлекеттик менчикте турган, жалпы аянты 2,5 га сугат айдоо жер участогу Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын административдик имаратын куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштардын жерлери" категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Бишкек шаарынын мэриясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер участогун максаттуу пайдаланууну;

3) жогоруда көрсөтүлгөн жер участогуна шаар куруу документтерин курулуш ченемдерин жана эрежелерин сактоо менен Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

4) көрсөтүлгөн жер участогунда тарыхый-маданий мурас объекттери табылган учурда Кыргыз Республикасынын тарыхый- маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык аны сактоону;

5) "Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык автомобиль жолуна бөлүнгөн тилкени сактоону.

6) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер участогу пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда аны алып коюуну жана баштапкы абалына келтирүүнү караган чараларды көрүүнү;

7) коомдук саламаттык сактоо жаатындагы ченемдик актыларды сактоону.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 21-августу, №515***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 20-МАЙЫНДАГЫ №281 "ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫНЫН АЛДЫҢКЫ ЭШИКТЕРИНИН КАПТАЛ АЙНЕКТЕРИН КҮҢҮРТТӨӨГӨ ЖЫЙЫМДАРДЫ ТӨЛӨӨНҮН ЖАНА УРУКСАТТЫ КАТТООНУН ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасындагы жол кыймылы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $23^1$-статьясынын 1-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы №281 "Транспорт каражаттарынын алдыңкы эшиктеринин каптал айнектерин күңүрттөөгө жыйымдарды төлөөнүн жана уруксатты каттоонун тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пункттагы "Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин "Унаа" мамлекеттик мекемеси" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттик" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 3-пункттагы "Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттик" деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Транспорт каражаттарынын алдыңкы эшиктеринин каптал айнектерин күңүрттөөгө жыйымдарды төлөөнүн жана уруксатты каттоонун тартибинде:

– 2-пункт төмөнкүдөй мазмундагы $9^1$-пунктча менен толукталсын:

"$9^1$) M-1G – өтүмдүүлүгү жогору болгон, M-1 категориясындагы (жүргүнчүлөрдү ташууга арналган, айдоочунун ордунан тышкары сегизден көп эмес орундугу бар автомобилдер) транспорт каражаттары;";

– төмөнкүдөй мазмундагы $3^1$-пункт менен толукталсын:

"$3^1$. Электрмобилдердин алдыңкы эшиктеринин каптал айнектерин күңүрттөөгө уруксат үчүн жыйым төмөнкүдөй өлчөмдө алынат:

– жеке жак-резиденттер үчүн 300 эсептик көрсөткүч;

– юридикалык жактар үчүн 500 эсептик көрсөткүч;

– резидент эместер үчүн 700 эсептик көрсөткүч.";

– 6-пункттагы "M-1 категориясындагы" деген сөздөр "M-1, M-1G категориясындагы" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттик ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн.

**3**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 22-августу, №516***

## БИШКЕК ШААРЫНЫН АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР УЧАСТОГУН "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Бишкек шаарынын Октябрь районунун аймагында көп кабаттуу турак үйлөрдү куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Жер кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 2-бөлүгүнө, "Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин экинчи бөлүгүнүн $12^1$, $12^2$-пункттарына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Бишкек шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 7-июлундагы №162 токтомун жана Бишкек шаарынын мэриясынын жер комиссиясынын 2025-жылдын 19-июнундагы корутундусун эске алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Бишкек шаарынын Октябрь районундагы №19 контурда жайгашкан, Дж.К. Медетбекованын жеке менчигинде турган, жалпы аянты 1,5 га сугат айдоо жер участогу көп кабаттуу турак үйлөрдү куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштардын жерлери" категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Бишкек шаарынын мэриясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер участогун максаттуу пайдаланууну;

3) жогоруда аталган жер участогунун шаар куруу документтерин курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоо менен Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

4) аймактын жашоо-тиричиликти камсыз кылуу системасынын иштөөсүн жана өнүгүүсүн, социалдык-экономикалык өнүгүүсүн өздүк каражаттарынын эсебинен уюштурууну;

5) Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык көрсөтүлгөн жер участогунда тарыхый-маданий мурас объекттери аныкталган учурда алардын сакталышын;

6) "Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык автомобиль жолуна бөлүнгөн тилкени сактоону;

7) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер участогу пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда аны алып коюуну жана баштапкы абалга келтирүүнү караган чараларды көрүүнү;

8) Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдары менен белгиленген ченемдерге ылайык айыл чарба жана токой чарба өндүрүшүндөгү зыяндын жана алынбай калган пайданын ордун толтуруу наркынын суммасын төлөөнү;

9) коомдук саламаттык сактоо жаатында ченемдик актыларды сактоону.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 22-августу, №518***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУНУН КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР УЧАСТОКТОРУН “АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНЫН “ӨСТҮРМӨ ЖАЙЫТТАР (МАДАНИЙ)” ТҮРҮНӨН “КӨП ЖЫЛДЫК БАК-ДАРАКТАР ЭЭЛЕГЕН ЖЕРЛЕР” ТҮРҮНӨ ЖАНА “АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНАН “ӨНӨР ЖАЙДЫН, ТРАНСПОРТТУН, БАЙЛАНЫШТЫН, ЭНЕРГЕТИКАНЫН, КОРГООНУН ЖЕРЛЕРИ ЖАНА БАШКА БАГЫТТАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Кызыл-Суу айыл аймагында жайгашкан жер участокторуна көп жылдык мөмө жемиш багын өстүрүү жана агроөнөржай комплексинин имараттарын жана курулмаларын куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Жер кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 2-бөлүгүнө, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2025-жылдын 21-апрелиндеги №01-9-2407 корутундусун, Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 29-сентябрындагы №136 токтомун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Кызыл-Суу айыл аймагында жайгашкан жалпы аянты 105,2 га жер участоктору которулсун (трансформациялансын), анын ичинен:

1) мамлекеттик менчикте турган жалпы аянты 100,2 га жер участогу: №201 контурдагы 45,7 га, №207 контурдагы 54,5 га “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынын “Өстүрмө жайыттар (маданий)” түрүнөн “Көп жылдык бак-дарактар ээлеген жерлер” түрүнө көп жылдык мөмө жемиш багын өстүрүү үчүн;

2) №207 контурдагы “Өстүрмө жайыттар (маданий)” түрүндөгү аянты 5,0 га жер участогу “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайдын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргоонун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына агроөнөржай комплексинин имараттарын жана курулмаларын куруу үчүн.

**2.** Бул токтомдун 1-пунктунун 1-пунктчасында көрсөтүлгөн жер участогу которулгандан (трансформациялангандан) кийин Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жери болуп эсептелсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер участокторун максаттуу багыты боюнча пайдаланууну;

3) жогоруда аталган жер участокторунун шаар куруу документтерин курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоо менен Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура жаатындагы мыйзамдарына ылайык иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

4) жамгыр жана эриген кар сууларын коопсуз буруу системаларын, башкы планда жер титирөөгө каршы иш-чараларды жана тиешелүү аймакта кооптуу процесстерге жана кубулуштарга мониторинг жүргүзүү, божомолдоо боюнча колдонмону сактоону;

5) тарыхый-маданий мурас объекттерин күтүүнү жана коргоону, аталган жер участокторунда казуу жана курулуш иштерин жүргүзүүдө археологиялык көзөмөл үчүн археолог адисти Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык тартууну;

6) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер участокторунда тарыхый-маданий мурас объекттери аныкталган учурда аларды Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык сактоону;

7) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер участоктору пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда, аларды алып коюуну жана баштапкы абалына келтирүүнү караган чараларды көрүүнү;

8) Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарында белгиленген ченемдерге ылайык жерди пайдалануучу тарабынан айыл чарба жана токой чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайдасынын ордун толтуруунун наркынын суммасын төлөөнү.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 22-августу, №517***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 29-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №89 “КУМ-ШАГЫЛ” ЖАБЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУНДА УБАКТЫЛУУ СЫРТКЫ БАШКАРУУНУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген, адамдардын өмүрүнө же ден соолугуна түздөн-түз коркунуч жаратуучу, жер казынасын коргоо, экологиялык жана өнөр жай коопсуздугу чөйрөсүндөгү талаптарды бузууларды четтетүү максатында, “Акционердик коомдор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $65^1$-статьясына, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-февралындагы №89 “Кум-Шагыл” жабык акционердик коомунда убактылуу сырткы башкарууну киргизүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 1-пункттагы “2025-жылдын 28-майынан тартып 2025-жылдын 28-августуна чейинки” деген сөздөр “2025-жылдын 28-августунан тартып 2025-жылдын 8-ноябрына чейинки” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик:

1) убактылуу сырткы башкаруучуга талапкерди белгиленген тартипте көрсөтсүн;

2) юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга “Кум-Шагыл” жабык акционердик коомунда убактылуу сырткы башкаруу киргизилгендиги жөнүндө кабарласын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланууга тийиш жана 2025-жылдын 28-августунан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 22-августу, №520***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧҮЙ ОБЛУСУНУН МОСКВА РАЙОНУНУН АК-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР УЧАСТОКТОРУН “АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНАН “СУУ ФОНДУНУН ЖЕРЛЕРИ” КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Москва районунун Ак-Суу айыл аймагында декадалык жөнгө салуу бассейнин куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Жер кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 2-бөлүгүнө, “Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин экинчи бөлүгүнүн 8-пунктуна, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2025-жылдын 15-майындагы №01-12/898 корутундусун, Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Москва районунун мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 13-майындагы №8 токтомун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Москва районунун Ак-Суу айыл аймагындагы Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жалпы аянты 17,0 га, төмөнкүдөй контурларда жайгашкан жер участоктору: №466 – 2,6 га сугат айдоо, №470 – 1,6 га сугат айдоо, №456 – 7,6 га кысыр аңыз, №468 – 2,2 га кысыр аңыз, №479 – 0,9 га кысыз аңыз, №461 – 0,5 га көп жылдык бак, №462 – 1,1 га көп жылдык бак, №465 – 0,5 га көп жылдык бак “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Суу фондунун жерлери” категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Москва районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер участокторун максаттуу багыты боюнча пайдаланууну;

3) Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура жаатындагы мыйзамдарына ылайык жогоруда көрсөтүлгөн жер участокторунун шаар куруу документтерин курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоону эске алуу менен иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

4) жамгырдын жана эриген кардын сууларын коопсуз буруу системасынын иштөөсүн, башкы пландагы жер титирөөгө каршы иш-чараларды жана тиешелүү аймакта кооптуу процесстерге жана кубулуштарга мониторинг жүргүзүү, божомолдоо боюнча колдонмону сактоону;

5) өздүк каражаттардын эсебинен аймактын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу системасынын иштөөсүн жана өнүгүүсүн, социалдык-экономикалык өнүгүүнү уюштурууну;

6) Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык тарыхый-маданий мурас объекттерин күтүүнү жана коргоону, көрсөтүлгөн жер участокторунда казуу жана курулуш иштерин жүргүзүүдө археологиялык көзөмөл үчүн адис-археологду тартууну;

7) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер участоктору пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда аларды алып коюуну жана баштапкы абалга келтирүүнү караган чараларды көрүүнү;

8) асылдуулугу төмөн жер участокторуна талдоо жүргүзүүнү жана аларды айыл чарба жүгүртүүсүнө киргизүүнү, көрсөтүлгөн жер участокторуна бирдей аянтты калыбына келтирүүнү;

9) “Автомобиль жолдору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык автомобиль жолуна бөлүнгөн тилкени сактоону.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 22-августу, №519***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ЖАЗА АТКАРУУ СИСТЕМАСЫ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын жаза аткаруу системасын өркүндөтүү максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-июлундагы №429 “Кыргыз Республикасынын жаза аткаруу системасынын мекемелеринде кармалган адамдарга медициналык жардам көрсөтүүнүн эрежелерин бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жаза аткаруу системасынын мекемелеринде кармалган адамдарга медициналык жардам көрсөтүүнүн эрежелеринде:

– 58-пунктта “Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматынын” деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын” деген сөздөр менен алмаштырылсын;

– 61-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“61. Айыпталгандарды саламаттык сактоо уюмдарында конвой менен коштоо жана кайтаруу тергөө изоляторлорунун күчү жана каражаттары менен ишке ашырылат.

Соттолгондорду саламаттык сактоо уюмдарында конвой менен коштоо жана кайтаруу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын Кайтаруу жана конвой департаментинин күчү жана каражаттары менен ишке ашырылат.”.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-мартындагы №124 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы жөнүндө жободо:

– мамлекеттик тилдеги 1-пунктундагы “жазаларды” деген сөз “жаза” деген сөз менен алмаштырылсын;

– 11-пункттун 3-пунктчасынын бешинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“– ЖАСта мамлекеттик жана кызматтык сырларды камтыган маалыматтарды коргоону камсыз кылат;”;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын Кайтаруу жана конвой департаменти жөнүндө жободо:

– 7-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 4-пунктча менен толукталсын:

“4) соттолгондорду дарылануу мезгилинде саламаттык сактоо мекемелеринде, алардын уюштуруу-укуктук формасына жана менчик формасына карабастан, конвой менен коштоо жана кайтаруу.”.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 22-августу, №521***

АЙМАКТАРДА

## МАМЛЕКЕТКЕ КАЙТАРЫЛДЫ

Балыкчы шаарындагы "Ынтымак" ААКнын (мурдагы Балыкчы жемиш-чарба совхоз-комбинаты) 35,4 га аянттагы жер тилкелери мамлекеттин балансына кайтарылды. Бул тууралуу Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинен билдиришти.

Атайын кызмат тарабынан мурда мыйзамсыз менчиктештирилген жер тилкелерин мамлекеттин менчигине кайтаруу боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун алкагында "Ынтымак" ААКнын жерлерин менчиктештирүүнүн мыйзамдуулугу боюнча текшерүү иштери жүргүзүлдү.







Текшерүүнүн жүрүшүндө аталган акционердик коом тарабынан Ысык-Көл районунун Григорьевка жана Ананьево айылдарынын аймагында жайгашкан, аянты 15,3 жана 20,1 гектарды түзгөн көп жылдык жарактуу бак-дарактары бар жер тилкелерине жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик актылары (башкача айтканда "Кызыл китеп") мыйзамсыз алынгандыгы аныкталды.

Аталган жер тилкелери Ысык-Көл райондук администрациясынын 2000-жылдын 3-майындагы токтомунун негизинде мыйзам бузуу менен берилгени аныкталган. Ыкчам-иликтөө иш-чараларынын жыйынтыгында жер тилкелери мамлекеттин менчигине кайтарылып, тиешелүү баланска коюлду.

## КАПИТАЛДЫК ОҢДОП-ТҮЗӨӨДӨН ӨТТҮ

Аламүдүн районуна караштуу Таш-Дөбө айылындагы мектеп 60 жылдан кийин капиталдык оңдоп-түзөөдөн өттү. Бул тууралуу Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинен билдиришти.



Маалыматка ылайык, билим берүү уюму толук жаңыртылып, окуу жылдын башталышы менен пайдаланууга берилет. Мектеп 1400 орунга ылайыкталып, окуучулар үчүн бардык шарттар каралган. Капиталдык оңдоо иштери республикалык бюджеттин эсебинен каржыланып, тендердик баасы 173 млн сомду түздү.

Белгилей кетсек, мектептин биринчи корпусу 1964-жылы, ал эми экинчи корпусу 1984-жылы курулуп, андан бери капиталдык оңдоодон өткөн эмес.

## ЖОЛ КУРУУ ИШТЕРИ ТЕКШЕРИЛДИ



Транспорт жана коммуникациялар министри Абсаттар Сыргабаев Нарын облусуна болгон жумушчу сапарынын алкагында бир катар жол курулуш иштеринен кабар алды.

Ведомстводон маалымдашкандай, министр алгач Нарын–Баетов унаа жолунун 8-13-чакырымындагы асфальт басуу иштерин текшерди.

Ошондой эле ведомство жетекчиси Нарын–Баетов жолунун 67-чакырымында жайгашкан асфальт-бетон заводдун ишмердүүлүгүн жеринен көзөмөлдөдү. Аталган асфальт завод саатына 80 тонна материал чыгарып жатат. Мындан тышкары, Ленин жана Ж.Шералиев көчөлөрүндө жүрүп жаткан иштерди кыдырып, көрүп чыкты.

Министр Сыргабаев Нарын облусунун аймагында иш алып барып жаткан подрядчы компаниялар менен жолугуп, иш ыргагын ыкчамдатуу, сапатына көңүл буруу тапшырмасын койду.

## ЭКСПЕРИМЕНТ КАТАРЫ АК-ТАЛААДА...



Ак-Талаада эксперимент катары күн карама өстүрүлүүдө. Бул тууралуу Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинен билдиришти.

Нарын облусунун Ак-Талаа районунда күн карама май өсүмдүгүнүн аянтын кеңейтүү максатында быйыл 1 гектар жерге эксперимент катары Россиянын Алтай крайынан алынып келинген кыска убакытта быша турган күн карама сорту себилди. Алгачкы жыйынтыктарга ылайык, өсүмдүктүн биздин климатка ыңгайлашуусу жана өсүпөнүүгүсү жакшы натыйжаларды көрсөтүүдө.

"Эгер түшүмдүүлүгү жана майынын сапаты жакшы натыйжа берсе, кийинки жылдан тартып күн карама эгүү аянттарын жергиликтүү дыйкан-фермерлер жана айыл чарба кооперативдери менен биргеликте кеңейтүү иштери колго алынат" деп айтылат маалыматта.

## ГАРНИЗОНДУК САПТЫК КАРОО

Жалал-Абад шаарында Эгемендүүлүктүн 34 жылдыгын белгилөөнүн алкагында милиция кызматкерлеринин



гарнизондук саптык кароосу өттү. Бул тууралуу Президенттин аймактагы өкүлчүлүгүнөн билдиришти.

Иш-чарага Президенттин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Тилек Текебаев катышты. Ал милиция кызматкерлерине кайрылып, алдыдагы майрамдык иш-чараларды жогорку деңгээлде өткөрүүдө ички иштер органдарынын орду өзгөчө мааниге ээ экенин баса белгиледи.

Облус башчысы быйылкы Эгемендүүлүк майрамы республикалык деңгээлде Жалал-Абад облусунда белгиленерин айтып, бул чоң сыймык жана ар бир кызматкерден жогорку жоопкерчиликти талап кыларын белгиледи.

Саптык кароо учурунда милиция кызматкерлеринин башкы милдеттери белгиленип өттү. Алардын катарына коомдук жайлардагы тартипти камсыз кылуу, жарандардын коопсуздугун сактоо, мыйзам бузуулардын алдын алуу жана шаар ичиндеги транспорт кыймылын иретке келтирүү кирери айтылды.

Ал иш-чаранын соңунда милиция кызматкерлерине ийгилик каалап, алдыдагы майрамдык салтанаттарды тынчтыкта жана тартипте өткөрүүгө жигердүү салым кошууга чакырды.

## КӨРҮСТӨНДҮН РЕКУЛЬТИВАЦИЯЛОО ИШТЕРИ

Ош шаарынын Мамыров көчөсүндө жайгашкан Учар көрүстөнүндө рекультивациялоо иштери башталды.

Шаардык муниципалитеттен билдиришкендей, аталган көрүстөнгө акыркы жолу 50 жыл мурун, 1975-жылы сөөк көмүлгөн. Ал эми алгачкы жолу качан сөөк коюлганы белгисиз. Учар көрүстөнүнүн жалпы аянты – 2 гектар 14 сотых.

"Ош шаарында эски көрүстөндөрдү коомдук муктаждыктар үчүн кайра пайдалануу максатында рекультивациялоо иштери жүргүзүлүүдө" деп айтылат маалыматта.

## 10 УНАА БЕЛЕККЕ БЕРИЛДИ



“Жалал-Абаддык туугандардан Ош шаарынын элине белек” деп жазылган он унаа Ош шаарынын мэриясына белек катары тапшырылды. Унааларды Жалал-Абад облусунун тургуну, ишкер Асылбек Муратбеков Ош шаарында жасалып жаткан жумуштарды көрүп, мэрге колдоо катары алып келгендигин билдирип, ачкычтарын Жеңишбек Токторбаевге тапшырды. Бул унаалар жакынкы күндөрү муниципалдык VIP такси катары каттамга чыгарылат. Эске салсак, Ош шаарында муниципалдык такси кызматы ишке киргизилип жатат. Буга чейин да 15 электромобиль алынып келинген.

**«Эркин-Тоо» пресс**

*Өзгөн районунун тургуну Аширбаев Эрнис Жанибековичке таандык жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы №264944 жана сатуу-сатып алуу келишими каттоо №506202120460 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
П/П 747

*2011-жылдын 19-октябрында “Тартуу кылуучу” Абдыкадыров Мойдунбек Жолдошевич жана “Тартууну кабыл алуучу” Абдыкадыров Калысбек Жолдошевичтин Көңдүк айылындагы (иден. коду №5-03-08-1002-0133) кыймылсыз мүлктү тартуулоо келишими (нот. катоосу №49 21.10.2011-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
П/П 057

*Аксы райондук салык инспекциясы тарабынан Мирзабекова Курбанбубу Тагайевнага берилген серия ДГР 42043, ИНН 10203196810014 жеке ишкердик мамлекеттик каттоосу жөнүндөгү күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
П/П 138

*Чонтоева Орозгул Искендеровнага тиешелүү 07.02.2014-жылы берилген №058062 жер участогуна (үлүшүнө) жеке менчик укугу жөнүндөгү күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
П/П 015

*Асанова Жамилянын үй-бүлө мүчөлөрүнө тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү сериясы №ЖЖ-122 (23.01.1995-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
Н-440

*Шериева Санабархан Маданбековнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик акт сериясы Ч№2872375 (идентификациялык коду 3-05-09-1001-0248) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
Д-05

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## Информация о внеочередном общем собрании акционеров ОАО «КЫРГЫЗСУУДОЛБООР»

- вид общего собрания - **внеочередное**
- форма проведения - **очное голосование**
- дата проведения - **21 августа 2025 года**
- место проведения общего собрания - **г. Бишкек, ул. Т.Саманчина, 6**
- кворум общего собрания - **89,3319%**

**1. Вопросы повестки дня и итоги голосования по ним:**

| № п\п | Вопросы повестки дня | Итоги голосования | Решение |
|---|---|---|---|
| 1. | О Счетной комиссии | за – 99,94% 1 (признан недействительным) | Избрать Счетную комиссию в составе: Волыгиной Е.Н, Водяной Н.П., Сабыралиевой З.У. |
| | О внесении изменений в Устав ОАО «Кыргызсуудолбоор» | За – 89,33% | Внести изменения в действующий Устав ОАО «Кыргызсуудолбоор» |
| 3. | О дополнительном выпуске эмиссии акций (частной эмиссии) на сумму 49 999 983,3 сом в количестве 1 500 001 единиц акций стоимостью 33,3333 сом за акцию и размещение их за Кабинетом Министров Кыргызской Республики в лице Министерства водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики в закрытом порядке, без применения преимущественного права приобретения акций, сроком на 6 месяцев. | За – 88,84%, против – 0,49% | Согласиться о дополнительном выпуске эмиссии акций (частной эмиссии) на сумму 49 999 983,3 сом в количестве 1 500 001 единиц акций стоимостью 33,3333 сом за акцию и размещение их за Кабинетом Министров Кыргызской Республики в лице Министерства водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики в закрытом порядке, без применения преимущественного права приобретения акций, сроком на 6 месяцев. |
| 4. | Об увеличении номинальной стоимости акций, по итогам дополнительного выпуска эмиссии акций (частной эмиссии), указанной в пункте 3 настоящей повестки дня, в соответствии с переоценкой основных средств ОАО «Кыргызсуудолбоор» | За – 89,08%, против – 0,25% | Согласится об увеличении номинальной стоимости акций, по итогам дополнительного выпуска эмиссии акций (частной эмиссии), в соответствии с переоценкой основных средств ОАО «Кыргызсуудолбоор» |
| 5. | О предложении Министерства водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики передать здание, другие помещения и имеющиеся земельные участки на территории Общества на баланс Государственной таможенной службы при Министерстве финансов Кыргызской Республики, с предоставлением равноценных производственных помещений и прилегающей территории. | За – 88,39%, против – 0,94% | Согласится с предложением Министерства водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики о передаче здание, другие помещения и имеющиеся земельные участки на территории Общества на баланс Государственной таможенной службы при Министерстве финансов Кыргызской Республики, с предоставлением равноценных производственных помещений и прилегающей территории в соответствии свыше указанными площадями и стоимостью. |

**Председатель Правления ОАО «Кыргызсуудолбоор» Э.ДУРУСАЛИЕВ**

**Главный бухгалтер ОАО «Кыргызсуудолбоор» З.САБЫРАЛИЕВА**

С/О 748

## "Фрунзе үй куруу комбинаты" ачык акционердик коому

***2025-жылдын 18-сентябрында саат 11.00дө Бишкек шаары, Ауэзов көчөсү, 1/34 дарегиндеги "ФҮКК" ААКнын башкармалыгынын имаратында (конференц залында) боло турган акционерлердин кезексиз жалпы чогулушун өткөрө тургандыгы жөнүндө маалымдайт.***

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү.
2. "ФҮКК" ААКнын уставдык капиталын көбөйтүү тууралуу.
3. Уставга кошумчаларды жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө жана анын жаңы редакциясын кабыл алуу.
4. 2025-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы коом тарабынан жасалган ири бүтүмдү колдоо тууралуу.

Каттоонун башталышы **саат 9.30да**.

Эгерде сиз чогулушка катышууга мүмкүнчүлүгүңүз болбой калса, анда сиз өз өкүлүңүзгө Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык тастыкталган ишеним каты аркылуу өз добушуңузду бере аласыз.

Чогулушка даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча акционерлерге сунушталган материалдар менен коомдун катчысынан же башкы бухгалтерден тааныша аласыздар.

**Сурап-билүү телефону: 63-73-36, 63-73-87.**

С/О 746

**ИЗВЕЩЕНИЕ**

**Специальный администратор АВИ "Тешик-Суу"**
***сообщает о проведении аукциона на продажу транспортного средства ИЖ 2717. Стартовая стоимость 6085 сомов.***

Аукцион состоится **в 14.00 часов 4 сентября 2025 года** по адресу: **г. Бишкек, ул.Абдумомунова, 207.**

**Справки по тел.: (0555) 77-77-28,**
**Электронная почта: erlan_musaev1981@mail.ru**

Н-441

***Өзгөн районунун тургуну Маматалиев Орозали Алимкановичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 28363655 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 946

**ЖОГОЛДУ**
**УТЕРЯ**

***Баткен районуна караштуу Ак-Татыр айылынын тургуну Назаров Абдуллого тиешелүү Ч №1249099 жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам. актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 024

***Өзгөн районунун тургуну Дуйшебаев Сагынбек Расуловичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №1211032 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 075

***Өзгөн районунун тургуну Шамшиева Айжамал Абдрасуловнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №084102 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 215

***Сатыбаева Нургуль Аксылыковнага тиешелүү диплому сериясы ФВ-I №121260 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-439

## МОСКОВСКАЯ РАЙОННАЯ ГОСУДАРСТВЕННАЯ АДМИНИСТРАЦИЯ ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ

**объявляет конкурс для временного предоставления сроком на 49 лет земельных участков категории «Земли промышленности, транспорта, связи, энергетики, обороны и иного назначения», расположенного на территории Мин-Булакского айылного аймака Московского района в контуре №827, 828 общей площадью - 2,9 га для строительство зоны отдыха, сумма арендной платы 1 100 000 сомов в год.**

Для участия в конкурсе заявитель должен в течение 30 рабочих дней со дня опубликования объявления представить в Московскую районную государственную администрацию следующие документы:
- заявление на участие в конкурсе на право заключения договора аренды земельных участков;
- выданный уполномоченным органом в сфере архитектуры и строительства эскизный план земельных участков и размещения объекта;

1) для физических лиц:
- копия паспорта гражданина Кыргызской Республики;

2) для юридических лиц:
- справка, с указанием полного наименования и местонахождения организации (юридический адрес, телефон и другие реквизиты);
- копия свидетельства о государственной регистрации (перерегистрации) юридического лица;
- копии устава и учредительного договора;
- идентификационный номер налогоплательщика (при наличии);
- копия документа, удостоверяющего личность представителя (оригинал предъявляется лично при регистрации для участия в конкурсе);
- справка уполномоченного налогового органа об отсутствии задолженности за текущий месяц.

**Условия конкура:**
- предоставить бизнес-план;
- соцпакет для населения;
- указать строительные сроки;
- указать количество рабочих мест.

Лица, желающие участвовать в конкурсе, должны представить документы **в течение 30 рабочих дней со дня опубликования** объявления в Московскую районную государственную администрацию по адресу: **Московский район, с.Беловодское, ул. Ленина, 27, кабинет №310.** Дата проведения конкурса **8 октября 2025 года 15.00 ч.** в здании Московской районной государственной администрации.

**По всем интересующимся вопросам обращаться по тел.: (03131) 5-14-00 с 9.00 до 18.00 часов в рабочие дни с понедельника по пятницу.**

Мб.

## Открытое акционерное общество «Енвойс Вижион Диджитал Эксчейндж»

(далее по тексту – Общество)

**настоящим сообщает о существенном факте.**

Сообщаем о сложении полномочий (увольнении) заместителя Председателя Правления Общества Чалбаевой Индиры Капарбековны с 21 августа 2025 года.

Настоящим Общество подтверждает, что все процедуры связанные с проведением Собрания и принятием вышеуказанных решений были осуществлены в строгом соответствии действующего законодательства Кыргызской Республики и Уставом Общества.

С/О 747

***Регистрационное удостоверение МИ-KG-0777 в соответствии с №115 от 22.06.2020 г. на мед. изделия "Микрокатетеры Marksman, стерильные, однократного применения" Производитель "Micro Therapeutics. Inc. d/b/a ev3 Neurovascular", США, 9975 Toledo Way, Irvine, CA 92618 и "Medtronic Mexico S.De R.L. De C.V., Мексика, Av. Paseo Cucapah, 10510 El Lago, Tijuana, Baja California, C.P.22210. считать утеренным.***

Мб.

***В связи с утерей гос. акта о праве бессрочного пользования на земельный участок, расположенный по адресу: г.Бишкек, ул. Токтогула, 123, выданный БФ "Кадастр" на основании постановления мэрии г.Бишкек от 17.12.2010 г. за №517 серии Б №010905 с ИК: 1-02-03-0006-0899 зарегистрированного БГУ по ЗРПНИ 25.01.2011 г. за ГП "Департамент государственных зданий" при УДП КР считать недействительным.***

С/О 742

***Баткен облусунун Үч-Коргон айыл аймагынын Сухана айылынын тургуну Худайбергенов Хабибилло Рахмоновичке тиешелүү сериясы АД №0026713 жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 015

***Өзгөн районунун тургуну Бакеев Руслан Асхатовичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №690756 жана сатуу-сатып алуу келишими №506202125132 (14.10.2021-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 097

**Начисленные и (или) выплачиваемые (выплаченные) доходы по ценным бумагам эмитента**

## ОАО «МФК «АБН»

***объявляет о выплате доходов за четвертый процентный период и о начале действия пут-опциона (досрочного выкупа) по именным процентным облигациям по первому траншу пятого выпуска (KG 0205211517).***

**Выплата доходов, будет осуществляться с 2 сентября 2025 года.**
- Номинальная стоимость облигации – **5 000 сом**
- Размер дохода на одну облигацию (5 выпуск) – **18%**

Список владельцев облигаций, имеющих право на получение процентного дохода, определяется на дату **31 августа 2025 г.**
Форма выплаты – **денежные средства.**
Выплата процентов будет осуществляться путем перечисления денежных средств на банковский счет держателя облигаций, согласно поданного им заявления, либо в офисе ОАО «МФК «АБН» по адресу: **г. Бишкек, ул. Юсупа Абдрахманова, 136.**

**Справочная информация по тел.: 51-11-51 или 2810; www.abn.kg**

Пятый выпуск облигаций ОАО «МФК «АБН» зарегистрирован Службой регулирования и надзора за финансовым рынком при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики 19 августа 2024 г. (KG 0205211517).

С/О 475

**Начисленные и (или) выплачиваемые (выплаченные) доходы по ценным бумагам эмитента**

## ОАО «МФК «АБН»

***объявляет о выплате доходов за третий процентный период по именным процентным облигациям по второму траншу пятого выпуска (KG 0205211517).***

**Выплата доходов, будет осуществляться с 4 сентября 2025 года.**
- Номинальная стоимость облигации – **5 000 сом**
- Размер дохода на одну облигацию (5 выпуск) – **18%**

Список владельцев облигаций, имеющих право на получение процентного дохода, определяется на дату **1 сентября 2025 г.**
Форма выплаты – **денежные средства.**
Выплата процентов будет осуществляться путем перечисления денежных средств на банковский счет держателя облигаций, согласно поданного им заявления, либо в офисе ОАО «МФК «АБН» по адресу: **г. Бишкек, ул. Юсупа Абдрахманова, 136.**

**Справочная информация по тел.: 51-11-51 или 2810; www.abn.kg**

Пятый выпуск облигаций ОАО «МФК «АБН» зарегистрирован Службой регулирования и надзора за финансовым рынком при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики 19 августа 2024 г. (KG 0205211517).

С/О 475

**Начисленные и (или) выплачиваемые (выплаченные) доходы по ценным бумагам эмитента**

## ОАО «МФК «АБН»

***объявляет о выплате доходов за десятый процентный период по именным процентным облигациям по третьему траншу четвертого выпуска (KG 0204211518).***

**Выплата доходов с 6 сентября 2025 года.**
- Номинальная стоимость облигации – **5 000 сом**
- Размер дохода на одну облигацию (4 выпуск) – **19%**

Список владельцев облигаций, имеющих право на получение процентного дохода, определяется на дату **3 сентября 2025 г.**
Форма выплаты – **денежные средства.**
Выплата процентов будет осуществляться путем перечисления денежных средств на банковский счет держателя облигаций, согласно поданного им заявления, либо в офисе ОАО «МФК «АБН» по адресу: **г. Бишкек, ул. Юсупа Абдрахманова, 136.**

**Справочная информация по тел.: 51-11-51 или 2810; www.abn.kg**

Четвертый выпуск облигаций ОАО «МФК «АБН» зарегистрирован Службой регулирования и надзора за финансовым рынком при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики 11 января 2023 г. (KG 0204211518).

С/О 475

## ОТКРЫТОЕ АКЦИОНЕРНОЕ ОБЩЕСТВО «КЫРГЫЗ ПОЧТАСЫ»

**уведомляет о существенном факте:**

***21 августа 2025 года по адресу: город Бишкек, проспект Чуй, 227 состоялось внеочередное общее собрание акционеров, форма проведения - очная, кворум - 100%.***

**Решением внеочередного общего собрания акционеров ОАО «Кыргыз почтасы» приняты следующие решения:**

1. Возложить функции счетной комиссии на представителя независимого специализированного регистратора ОсОО «СККР Реестр» Мегер Валерию Александровну.
2. ОАО «Кыргыз почтасы» провести соответствующие мероприятия по увеличению уставного капитала ОАО «Кыргыз почтасы»:
   - путем проведения закрытой дополнительной (четвертой) эмиссии простых именных акций с соблюдением закона Кыргызской Республики «Об акционерных обществах» в количестве 163 140 экземпляров, номинальной стоимостью – 500 сом за один экземпляр на сумму 81 569 800 сом в счет увеличения доли Министерства финансов Кыргызской Республики;
   - установить сроки закрытого размещения простых именных акций: с даты начала регистрации согласно законодательства Кыргызской Республики, окончание с даты завершения регистрации согласно законодательства Кыргызской Республики, но не более одного года.
3. Внести изменения и дополнения в Устав ОАО «Кыргыз почтасы».

С/О 744

## «КЫРГЫЗЛИФТ» ААК

***2025-жылдын 15-сентябрында Бишкек шаары, Көк-Жар кичи районундагы 23-үйдөгү "Кыргызлифт" ААКнын офисинде акционерлердин кезексиз жалпы чогулушун өткөрө тургандыгы жөнүндө акционерлерге маалымдайт.***

**КҮН ТАРТИБИ:**
1. Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү.
2. "Жалын" БДЧ комплексинин статусу жөнүндө.

Акционерлерди каттоо **саат 12.00дөн 13.00гө чейин.**
Чогулушка катышууга укугу бар акционерлердин тизмесин түзүү күнү – **2025-жылдын 16-августу.**
Чогулушту өткөрүүгө байланыштуу материалдар менен акционерлер "Кыргызлифт" ААКнын офисинен **Бишкек шаары, Көк-Жар кичи районундагы №23** үй дарегинен тааныша аласыздар.

**Байланыш телефону: (0312) 51-86-99.**

Чогулушка катышуу үчүн акционерлерде паспорту болууга тийиш. Акционерлердин өкүлдөрүндө жана юридикалык жактарда тийиштүү үлгүдөгү тастыкталган ишеним каты жана паспорту болууга тийиш.

С/О 739

## ОАО «КЫРГЫЗЛИФТ»

***извещает акционеров о проведении внеочередного общего собрания акционеров, которое состоится 15 сентября 2025 года в 13.00 ч. по адресу: г. Бишкек, м-н Кок-Жар, д. 23 в офисе ОАО «Кыргызлифт».***

**ПОВЕСТКА ДНЯ:**
1. Утверждение состава счетной комиссии.
2. О статусе ДОК «Жалын».

Регистрация акционеров: **с 12.00 до 13.00 часов.**
Дата составления списка акционеров, имеющих право на участие в собрании – **16 августа 2025 года.**
С материалами, связанными с проведением собрания, акционеры могут ознакомиться в офисе ОАО «Кыргызлифт» по адресу: **г. Бишкек, м-н Кок-Жар, д. 23.**

**Контактный телефон: (0312) 51-86-99.**

Для участия в собрании акционерам необходимо иметь при себе паспорт. Представителям акционеров и юридических лиц необходимо предоставить надлежащим образом оформленную доверенность и паспорт.

## Настоящим ОАО «Государственная лизинговая компания» (далее «Общество»),

***сообщает о том, что 19 августа 2025 года в 16.00 ч. по адресу: г.Бишкек, улица Московская, 3 состоялось внеочередное общее собрание акционеров, на котором были приняты решения:***

1. Об увеличении размера уставного капитала Общества.
2. О внесении изменений в Бюджет Общества на 2025 год.
3. О внесении изменений в Устав Общества.
4. О выплате премии членам Совета директоров за первое полугодие 2025 год.

## ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

***Төлөгөн кызы Гүлжанга тиешелүү диплому №УВ 160067054 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*** М.б.

***Исраилова Айнур Жеңишбековнага тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 24303567 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын*** Н-436

***Өзгөн районунун тургуну Калбаев Ынтымак Мамасалиевичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 29013785 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*** П/П 540

***В связи с утерей свидетельства о праве частной собственности на земельный участок (земельную долю) №146487 (от 08.04.2021 г.) на имя Илхамова Нураддина Турсуновича считать недействительным.*** Н-437

***Өзгөн районунун тургуну Хайдаржан кызы Мохинурга таандык жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №357515 жана тартуулоо келишими №686-3403 (26.07.2023-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*** П/П 102

***Өзгөн районунун тургуну Сатаров Эрлан Сапаралиевичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №294840 жана тартуулоо келишими №201010402 (27.10.2010-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын*** П/П 673

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Осмон уулу Эламан код ОКПО 31115748 считать недействительным*** М.б.

***Кадыров Абдуманап Эргешовичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №0098808 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын*** Н-438

ЭРКИН-ТОО
Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети
**Биздин реквизиттер:** р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

**Башкы редактор**
КАРБОСОВА Жазгүл Жузуповна

**Кабылдама 62-38-75**

Башкы редактордун 1-орун басары КАЛЫКОВ Шекербек – 62-38-77
Башкы редактордун орун басары РЫСПАЕВ Курманбек – 62-38-78

Жооптуу катчы КУЛАТАЕВА Бактыгүл – 62-38-71

**Бөлүмдөр:**
Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият, адабият жана спорт бөлүмү – 62-18-64
Жарнама жана аймактар менен иштөө бөлүмү – 62-19-06 факс
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87 (0773) 11-75-87
Веб-сайт – 62-38-71
Коммерциялык бөлүм – 62-18-66

"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74

АЙМАКТАР:
Баткен облусу (0772) 07-60-60
Жалал-Абад облусу (0772) 12-82-67
Талас облусу (0700) 90-62-61
Ысык-Көл облусу (0702) 87-98-79
Чолпон-Ата шаары (0500) 20-89-70
Токтогул шаары (0220) 70-71-32

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

**Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.**
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

**Биздин дарегибиз:**
Бишкек шаары, 720040, Абдумомунов көчөсү, 193.

erkintoo@mail.gov.kg

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592
Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.

**Индекси: 68451**

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Буйрутма 389. Нускасы 5256
Басууга 25.08.2025-ж. саат 20.00дө берилди
Сатык келишим баада

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН 80 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА

# ЧЕТ ТИЛДЕРИНДЕ БИЛИМ БЕРҮҮ КЕРБЕНИН УЛАНТЫП КЕЛЕ ЖАТКАН ИНСТИТУТ




***Быйыл Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин 80 жылдыгы белгиленип жатат. Учурда өлкөнүн эң абройлуу университеттеринин бири болгон окуу жай. Ал Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин 1944-жылдын 15-декабрындагы №825 токтомунун жана Кыргыз ССР Эл агартуу комиссариатынын 1945-жылдын 19-январындагы №11 буйругунун негизинде Фрунзе шаарында Кыз-келиндер педагогикалык училищеси болуп ачылган. 1950-жылдын 25-октябрынан тартып 5 жылдык окутуу мөөнөтү менен Кыргыз кыз-келиндер мугалимдер институту болуп өзгөртүлгөн. 80 жыл аралыгында окуу жай Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институту, В.В.Маяковский атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институту, эгемендүүлүк жылдарынан кийин Ишеналы Арабаевдин ысымы ыйгарылып, Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институту, андан соң университет макамын алды. Азыр окуу жай Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети деген макамды алып жүрөт.***



***Сартбекова Нуржан Коодоевна***

Университетте жалпысынан 11 институт, 4 факультет, 1 колледж студенттерге терең билим берип келет. Алардын арасынан өзгөчө бөлүп карай турган Ш. Кадырова атындагы Дүйнөлүк тилдер жана эл аралык мамилелер институту бар.

Бул институтта учурда:

- англис тилинин теориясы, технологиясы жана практикасы кафедрасы;
- фундаменталдык жана прикладдык лингвистика кафедрасы;
- немис тили кафедрасы;
- курамдар аралык чет тилдеринин практикалык курсу кафедрасы;
- кыргыз-кытай факультети;
- корей тили бөлүмү;
- чет тилдери боюнча кесиптик орто билим берүү колледжи максаттуу иштеп келет.

Ш. Кадырова атындагы Дүйнөлүк тилдер жана эл аралык мамилелер институту бул окуу жайдын тарыхында негизги ролдордун бирин ээлейт. Анткени ал 1952-жылы В. В. Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институту болуп аталып турган убакта негизделген. Ошол жылы биринчи жолу чет тилдер кафедрасы ачылып, кафедра жетекчиси болуп Т. В. Прищепчик дайындалган. Ошентип институтта чет тилдеринде билим берүү кербени өз сапарын баштаган. Ал убакта кыз-келиндердин арасында чет тили мугалимдерин даярдоо замандын талабы эле. Бул мекеме ошол учурдан азыркы күнгө чейин кафедрадан бир чоң факультетке чоңоюп, бир нече жылдан кийин институт даражасына ээ болуп, билим берүү улуу миссиясын татыктуу аткарып келе жатат. 1955-жылы немис тили экинчи чет тили катары адистигине абитуриенттерди кабыл алуу жүргүзүлүп, 1960-жылы биринчи жолу чет тили адистиги боюнча бүтүрүүчүлөр дипломдорун алышкан. 1968-жылы чет тилдер кафедрасы англис жана немис тили кафедраларына бөлүнгөн. 1972-жылдан тартып чет тилдер факультети негизделет да, анда немис тили мугалимдерин, ал эми 1980-жылдан тартып англис жана немис тили мугалимдерин даярдоо башталат. 1998-жылы И. Арабаев атындагы КМПУнун чет тилдер факультетинин базасында дүйнөлүк тилдер билим берүү борбору түзүлгөн. 1999-жылы аталган билим берүү борбору Дүйнөлүк тилдер институту болуп өзгөртүлгөн да, аны ф. и. к., доцент С. А. Мусаева жетектеген.

Көп жылдар бою аталган институтта төмөнкү тажрыйбалуу профессордук-окутуучулар курамы эмгектенген: Г. Х. Овсепян, А. И. Ефименко, И. Н. Бажина, Ш. К. Кадырова, И. Д. Джакубов, В. П. Тутлис, С. И. Абдрахманова, В. М. Клопотович, Т. С. Сатаров, Т. Я. Замятина-Филиппова, Н. Г. Позднякова, С. К. Копельбаева, Ф. И. Юсупов, Б. О. Гешеле, М. И. Романенко, В. К. Мулкубатова, П. К. Кадырбекова, А. А. Бекбалаев, К. Б. Бектенова, Л. В. Грязнова, А. К. Карабекова, Б. И. Тартакова, С. Ш. Гараев, К. О. Осмонакунова, З. Э. Эсенкулова, С. Ж. Токсонова, Д. Д. Шаршенбекова, Н. Д. Турдукеева, Е. В. Бекерман, Н. Х. Ирсалиева, Г. К. Толбаева, А. Д. Джолдошбеков, С. А. Осмонова, Ж. М. Молдобаев, Ч. Т. Тулеева, С. А. Чекиров, Э. С. Кадыркулова, Л. Т. Абдулдабекова, А. Б. Асылова ж.б.

Дүйнөлүк тилдер институту 2006-жылы Лингвистика институту болуп өзгөртүлгөн жана 2019-жылы аталган институтка Манас таануу институту кошулган. Манас таануу жана лингвистика институтун 2006–2021-жылдары ф. и. д., профессор С. Ж. Мусаев жетектеген. Ал эми 2021-жылдан тартып п. и. д., профессор Н. К. Сартбекова жетектеп келе жатат. 2022-жылы Чет тилдер жана компьютердик лингвистика институту деп аталган. 2023-жылы Ш. Кадырова атындагы Дүйнөлүк тилдер жана эл аралык мамилелер институту деп өзгөртүлүп, ага корей тили бөлүмү, чыгыш таануу жана эл аралык мамилелер кафедрасы кошулган. Институттун бүтүрүүчүлөрү дүйнөлүк аренада да ийгиликке жетишүүдө. Алсак А. А. Доромбаева АКШнын Колумбия университетинде, А. Айтбаева АКШнын Индиана университетинде PhD докторантурада билим алууда, А. Абдукаримова АКШнын мамлекеттик департаментинде, Г. Анапияева БУУда, Н. Шаршеналиева АКШнын Тынчтык корпусунда, Н. Туйтеева, А. Акматалиева АКШ элчилигинде ж. б. эмгектенүүдө.

Институтта 180 жогорку квалификациялуу окутуучулар: алардын ичинен 3 илимдин доктору жана 22 илимдин кандидаты, 50 ага окутуучу жана окутуучулар иштешет.

Азыркы күндө И. Арабаев атындагы КМУнун ректору, профессор А. Т. Абдраева менен Ш. Кадырова атындагы Дүйнөлүк тилдер жана эл аралык мамилелер институтунун директору, п.и.д., профессор Н. К. Сартбекованын жетекчилиги менен институтта көптөгөн алгылыктуу иштер жүргүзүлүп жатат. Алсак: окутуучулар үчүн акысыз квалификацияны жогорулатуу курстары уюштурулууда. Венгрия, Түркия, Иран, Корея, Кытай, Улуу Британия, АКШ, Германия, Австрия, Индия, Малайзия ж.б. чет өлкөлөр менен тыгыз кызматташып, студенттер ар түрдүү программалардын алкагында аталган өлкөлөрдө билим алып, иштеп келишүүдө. Билим берүүнүн сапатына үзгүлтүксүз көзөмөл жүргүзүлүп, окутуу шарттары жакшыртылууда. Институттун материалдык базасын бекемдөөгө багытталган бир катар маанилүү инвестициялык долбоорлор ишке ашырылды. Бул аракеттер өз кезегинде дүйнөлүк стандарттарга, студенттердин муктаждыктарына ылайык заманбап окуу программаларын түзүү жана жүзөгө ашыруу процессине маанилүү салым кошууда. Ошондой эле, окутуунун сапатын жогорулатуу максатында педагогдор үчүн үзгүлтүксүз билим берүү системасы түзүлүп, алардын арасында тажрыйба алмашууга мыкты шарт түзүп жатат. Белгилей кетүүчү жагдай, И. Арабаев атындагы КМУнун ректору, профессор А. Т. Абдраева менен Ш. Кадырова атындагы Дүйнөлүк тилдер жана эл аралык мамилелер институтунун директору, п.и.д., профессор Н. К. Сартбекова ушул институт чет тилдер факультети катары билим берип турган учурда бүтүрүүчү болушкан.




***И.Арабаев атындагы КМУнун ректору Айгүл Абдраева Улуу Британиянын Кыргызстандагы элчиси Николас Боулер, Өзбекстан, Казакстан, Тажикстандан келген коноктор жана Ш.Кадырова атындагы Дүйнөлүк тилдер жана эл аралык мамилелер институту AELLCA долбоорунун алкагында Борбордук Азияда англис тилин окутуу саясаты боюнча семинарда***




1952-жылдан бери чет тили мугалимдерин даярдоо менен бирге «билим болбой, илим болбойт» демекчи көптөгөн илимпоздорго чет тилдеринде илим изилдөөгө, илимий эмгектерин жазууга мүмкүндүк алышууда. Белгилүү болгондой чет тилдерин билүү азыркы замандын талабы, себеби: «Чет тил – бул жашоо үчүн болгон күрөштө бизге курал» (К. Маркс). Чет тилдерин билүү ааламдашуу доорунда жашап кетүү үчүн эле эмес, өз эне тилин тереңдеп изилдөө үчүн да зарыл курал болуп калды. «Кимде-ким чет тил билбесе, ал өз эне тилин да жакшы билбейт» (И. Гёте). «Көп тил билүү – бир кулпу үчүн бир нече ачкычка ээ болуу» деп айтылгандай бир нече тилде билим берүүнү, котормочуларды, дипломаттарды, чет тилдерин үйрөткөн мугалимдерди даярдаган институттун аткараар иши да, көздөгөн максаты да бийик экендиги айкын. Ошол улуу кербенди улап, сапарын байсалдуу улантып келе жаткан институт дагы да коомчулуктун алдында өз миссиясын жогорку деңгээлде аткара берет деген ишеничтебиз.

**Ш. Кадырова атындагы Дүйнөлүк тилдер жана эл аралык мамилелер институтунун директору, педагогика илимдеринин доктору, профессор Н. К. САРТБЕКОВА,**

**Улук окутуучу С. С. КАДЫРОВА**



***Чет тилдер факультетинин биринчи бүтүрүүчүлөрү, 1960-ж.***



***Чет тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын бүтүрүүчүсү, кафедра башчысы фил. и.к. Ш.К. Кадырова, 1986-ж..***